ЕККУ Бишкектеги АКАДЕМИЯСЫ

ОБСЕ Академия в Бишкеке

Аналитикалык макалалар

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ МИГРАЦИЯ

Атайын жыйнак №1

Аналитические статьи

# МИГРАЦИЯ В КЫРГЫЗСТАНЕ

Специальный выпуск №1



AGRUMIG

Norwegian Institute of International Affairs

Бишкек, Кыргызстан 2020

## Бишкектеги ЕККУ Академиясы жөнүндө

Бишкектеги ЕККУ Академиясы Борбор Азияда ЕККУнун коопсуздук принциптерин жана баалуулуктарын колдоо үчүн иштелип чыккан мекеме болуп саналат. Бишкек шаарында жайгашкан ЕККУ Академиясы Борбор Азиядагы илимий жана саясий чөйрөдө аймактык мандаты менен иштейт.

ЕККУ Академиясы магистратура, илимий-изилдөө жана аймактык диалог боюнча борбор болуп эсептелет жана ошону менен бирге окумуштууларга, изилдөөчүлөргө, жарандык коом өкүлдөрүнө, саясатчыларга, академикалык институттарга жана өнүктүрүү институттарына кыраакы жана керектүү программаларды сунуштайт.

Эл аралык мамилелер жана жалпы коопсуздук, демократиялаштыруу, мыйзамдын жана адам укуктарынын үстөмдүгү багытында ЕККУ Академиясы адистерди жана студенттерди эл аралык жана аймактык коомдук талкуу менен камсыз кылат.

## Об Академии ОБСЕ в Бишкеке

Академия ОБСЕ в Бишкеке представляет собой институт, предназначенный для продвижения принципов и ценностей ОБСЕ в Центральной Азии. Расположенная в Бишкеке, Академия ОБСЕ широко работает в Центрально-Азиатском академическом и политическом контексте и придерживается регионального подхода.

Будучи региональным центром послевузовского образования, наращивания потенциала, исследований и регионального диалога, Академия предлагает взыскательную и требовательную программу для своих основных заинтересованных сторон, включая ученых и исследователей, активистов гражданского общества, политиков и академических институтов, и институтов развития.

Академия предоставляет региональный и международный общественный форум для профессионалов и студентов в духе сотрудничества в области международных отношений, всеобъемлющей безопасности, демократизации, верховенства права и прав человека.

**Авторлор:**

Элнура Казакбаева
Алтынай Арстанбекова
Мээрим Самиева
Айкерим Сагынбекова
Максат Туларбекова

**Орус тилине которгон:** ЖЧК «SVS Translation»
**Кыргыз тил редактору:** Элмурат Ашыралиев
**Долбоордун координатору:** Айгүл Абдубаетова
**Долбоордун жардамчысы:** Венера Мамбаева
**Жайылмасын көрүү:** дизайн-студия «Hara-Bara»

© 2020 Бишкектеги ЕККУ Академиясы. Бардык укуктар корголгон.

Бул жыйнактагы аналитикалык материалдардан илимий максатта үзүндү алуу жана көчүрүп басуу үчүн атайын уруксат алууга кажет жок, бирок түп нускасына милдеттүү түрдө шилтеме берүү талап кылынат.

Бул басылма Норвегиянын тышкы иштер Министрлигинин каржылык колдоосу жана Норвегиянын эл аралык мамилелер институту (NUPI) менен кызматташуу аркылуу даярдалды. Бул басылмада көрсөтүлгөн пикирлер авторлорго таандык жана Бишкектеги ЕККУ Академиясынын, Норвегиянын тышкы иштер Министрлигинин же Норвегиянын эл аралык мамилелер институтунун көз карашын чагылдырбайт.

Бишкек 2020

**Авторы:**

Элнура Казакбаева
Алтынай Арстанбекова
Мээрим Самиева
Айкерим Сагынбекова
Максат Туларбекова

**Перевод на русский:** ОсОО «SVS Translation»
**Редактор кыргызской версии:** Элмурат Ашыралиев
**Координатор проекта:** Айгул Абдубаетова
**Ассистент проекта:** Венера Мамбаева
**Верстка:** дизайн-студия «Hara-Bara»

©2020 Академия ОБСЕ в Бишкеке. Все права защищены.

Выдержки из этого сборника аналитических записей могут цитироваться или перепечатываться в академических целях без специального разрешения при условии обязательной ссылки на первоисточник.

Публикация подготовлена при финансовой поддержке Министерства иностранных дел Норвегии и в сотрудничестве Норвежского института международных отношений (NUPI). Мнения, выраженные в данном издании, отражают точку зрения авторов. Публикация не отражает официальную точку зрения Академии ОБСЕ в Бишкеке, Министерства иностранных дел или Норвежского института международных отношений.

Бишкек 2020

## Мазмуну

**04** **Элнура Казакбаева**
*Мигрант балдардын унутта калган ден соолугу*

**13** **Алтынай Арстанбекова**
*Миграциянын көлөкөсүндө кордолгон балалык*

**25** **Мээрим Самиева**
*Кыргыз мигрант кыз-келиндерди жергиликтүү масс-медиа кандай чагылдырып жатат?*

**36** **Айкерим Сагынбекова**
*Орусиялык ММКда кыргыз мигранттарынын чагылдырылышы*

**46** **Максат Туларбекова**
*«Жүк-200» азабы*



## Урматтуу окурман!

ЕККУ Академиясы алгачкы жолу кыргыз тилинде өзүнүн биринчи адабиятын чыгарууга кубаныч менен сунуштайт! Бул жыйнакта басып чыгарган макалаларды 2019-жылынын ноябрь айында ЕККУ Академиясы тарабынан уюштурулган кыргыз тилинде аналитикалык жазуу тренингинин катышуучулары жазган. Ошондой эле, бул басылма орус тилинде макалалардын котормосун камтыйт.

Академия жергиликтүү окумуштуулардын жана жаш адистердин мүмкүнчүлүктөрүн арттырууну көздөйт. Кыргыз тилинде аналитикалык жазуу боюнча пилоттук тренинг, мамлекеттик тилде сүйлөгөндөрдүн жана жазгандардын жөндөмдүүлүктөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүүгө багытталган. Тренингдин катышуучулары жаш жана орто мансаптагы журналисттер, изилдөөчүлөр, ошондой эле кыргыз аналитикалык жана жазуу жөндөмдөрүн жакшыртууну каалаган активисттер катышкан.

Тренингтин программасы бир жума курс, эки жума көзөмөлдүк иш жана аягында кыска аналитикалык макала берүү менен иштелип чыккан. Тренинг катышуучулар жана тектеш чөйрө боюнча иштеген мамлекеттик жана өкмөттүк уюмдар чакырылган өкүлдөрү менен бирге алардын презентацияларын жана тийиштүү аспектилерин талкуулоо менен жыйынтыктылган.

Бул жыйнакта мигранттардын маселеси боюнча беш аналитикалык макалалар тандалган. Бул тема биздин AGRUMIG долбоор боюнча («Leaving something behind» – миграциялык башкармалык, айыл чарба жана айламада «үй» жамааттарын өзгөртүү: Европа, Азия жана Африка салыштырмалуу тажрыйба) максатына ылайык тандалып алынган, бул долбоор Европа Бирлигинин Горизонт 2020 грантынын эсебинен каржыланат, ал миграция жана айыл чарбаны изилдөөгө, жергиликтүү коомчулуктарды өзгөрткөнгө басым салат. Алардын макалаларында, авторлор Кыргызстандагы миграция процесстери көптөгөн кыйынчылыктардын айрымдарын караганга аракет кылышкан.

Биринчи макалада, Элнура Казакбаева саламаттык сактоо камсыздандыруу жана Оруссияга мигрант ата-энелер менен бирге барган балдар үчүн анын кесепеттери жоктугу менен таанышты-

© 2020 Бишкектеги ЕККУ Академиясы. Бардык укутар корголгон

рып кетет. Алтынай Арстанбекова ошондой эле артта калган балдарга жана алардын укуктары  жана жетиштүүлүгү коркунучта экенине биздин көңүлүбүздү бурат.

Андан тышкары, дагы эки макала маалымат каражаттарында мигранттарынын чагылдыруусуна басым кылышат: Мээрим Самиева жергиликтүү маалымат каражаттары мигрант аялдарды терс стереотиптерделгенин карайт, ал эми Айкерим Сагынбекова эмгек мигранттарын кабыл алган өлкөлөрдүн бирин массалык маалымат каражаттары кыргыз мигранттарынын стигматизациалоо мисалын багыттайт.

Аягында, биздин бешинчи автор Максат Туларбекова, Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн акы саясаты боюнча анализин жүргүзгөн жана туугандар үйгө маркумду алып келүү жана туш турган кыйынчылыктарын козгойт.

Бул китеп дагы кененирээк окурмандарын табат деп жана тренинг демилгеси өнүктөштуруп, ошондой эле, Борбордук Азиядагы башка  өлкөлөрүндө да жасалат деп жана алардын да улуттук тилдерин өнүгүүшүсүнө салым кошот деп үмүттөнөбүз.

Мен берешендик менен бул окутууну колдогон Норвегиянын тышкы иштер Министрлигине жана Норвегиялык эл аралык мамилелер институтуна ыраазычылык билдирип кетким келет! Дагы, түздөн-түз окутуу уюштурууга катышкан адамдарга, ошондой эле тренер Др. Элира Турдубаевага жана кыргыз тили редактору Элмурат Ашыралиевге жана илимий-изилдөө жана тренингтер боюнча бөлүмүнө чоң ыраазычылык билдирем.

Айгул Абдубаетова



# Кыргызстандык мигрант балдардын унутта калган ден соолугу

*Элнура Казакбаева*

2016-жылдагы Орусиянын Федералдык миграция кызматынын эсеби боюнча, Орусияда каттоодо турган 18ге чыга элек кыргызстандык мигранттардын саны 93,7 миңди түзгөн.[1] 2019-жылдагы Кыргызстандын Ички иштер министрлигинин расмий маалыматында каттоодо турган 713 миңден ашуун мигранттардын арасынан 92,6 миңи 17ге чыга элек балдар.[2]

**1-таблица. Кыргыз мигранттарынын саны**

| Маалымат булагы | Жылы | Жалпы мигранттын саны (миң киши) | Жашы жете элек балдардын саны (миң киши) | Пайыз менен |
|---|---|---|---|---|
| Орусия Федералдык миграция кызматы | 2016 | 520,5 | 93,7 | 18 |
| КР Ички иштер министрлиги | 2019 | 713 | 92,6 | 13 |




Акыркы жылдарда миграцияга кеткен аялдардын үлүшү өсүп, ата-энеси менен кошо кеткен жашы жете элек балдардын саны да өсүүдө. 2016-жылдагы Орусия Федералдык миграция кызматынын маалыматына ылайык кыргыз мигранттарынын 40% аялдар түзгөн, бул эсеп тажик жана өзбек мигрант аялдарынын санынан эки эсе көп (20%). [3] Эл аралык адам укуктарынын коргоо федерациясынын (FIDH) изилдөөсүнө таянсак, Орусиядагы балдарды ата-энеси менен чогуу көчүп барган же өз алдынча иштейм деп барган категория-

© 2020 Бишкектеги ЕККУ Академиясы. Бардык укутар корголгон

ларга бөлүүгө болот. Алардын арасында көп кездешкен көйгөйлөр: оор жашоо шарттары (керектүү деңгээлдеги турак-жайдын жоктугу, улам батирден батирге көчүп-конуулар, кээде ата-энеси иштеген жерде жашоо), медициналык камсыздоонун жетишсиздиги жана мектеп же бала бакчага орноштуруунун кыйынчылыгы.[4]

**1-диаграмма. Мигрант аялдардын саны, 2016 ж.**




Жогорудагы көйгөйлөрдүн арасында медициналык камсыздоо маселеси курч турат. 2011-жылы Орусиядагы милдеттүү полис мыйзамы кабыл алынгыча, мигрант ата-энелер балдарын убактылуу жашоого уруксат кагазы менен жергиликтүү бейтапканага каттатып, бекер дарылата алышкан. 2011-жылдан бери Орусиянын жарандыгысыз же туруктуу жашоого уруксаты жок ата-эненин балдары бул мүмкүнчүлүктөн кол жууп калган.[5]

2015-жылдын 12-августунан тарта, ЕАЭБдин алкагында, кыргызстандык мигранттар үй-бүлөлөрү менен чогуу милдеттүү медициналык камсыздандыруу (ОМС) полисин ала алышат. Бул бирдиктүү полис 2011-жылдан бери Орусиянын бардык аймагында иштеп келет жана мигрант жумушчуларга Орусиянын жарандары менен бирдей деңгээлде бекер жана жеңилдик менен дарыланууга мүмкүндүк берет.[6] ЕАЭБдин келишимине ылайык, жумуш берүүчү тарап, биринчи иш күнүнөн тарта, полисти жумушчуга камсыздоосу зарыл. Ошол эле документте, балдар ата-энесинин паспорту жана күбөлүгү менен полис ала алышат, бирок полисти ата-эне өз акчасына сатып бериши керек. Жумуш менен камсыздандырылбаган мигранттардын үй-бүлө мүчөлөрүнө, биринчи тез жардам гана бекер берилет, бирок жашоосуна коркунуч келтирилбеген учурда дарылоону үй-бүлө өздөрү төлөшү кажет.[7]





Орусиядагы кыргызстандык мигрант балдарды адаптациялоо жана мектепке даярдоону ишке ашырган «Билим» уюмунун негиздөөчүсү Максатбек Абдуназар уулунун айтымында, медициналык камсыздоо бала ооруган учурда гана эмес, мектепке даярдоодо да аябай чоң роль ойнойт. Ошондуктан, ар бир ата-эне медициналык аныктама даярдоодо кыйынчылыктарга дуушар болушат жана төмөндөгү  үч жол менен чечишет:

1. Мамлекеттик дарыканалардын акы төлөнүүчү бөлүмү;
2. Жеке клиникалар;
3. Кыргыз клиникалары (көбүнчө стоматолог жана гинеколог кызматтары гана бар).

Эгер баланын сүйлөө кебинде көйгөй болсо, логопед же невролог сыяктуу дарыгерлерге кирүү үчүн жарым жылдап чуркоо керек. Үйдө окутуу системасы жок. Кыргыз элчилиги билим берүү жана медициналык камсыздоо жактан компетенттүү эмес.

Максатбектин айтымында, «өзгөчө инфекция оорулары пайда болгондо гана, Орусия тарап жардамга келет. Биздин тажрыйбада, бир жашы жете элек бала менингит менен ооруган учурда, Роспотребнадзор (Керектөөчүлөрдүн жана адам укуктарын коргоо боюнча Орусиянын федералдык кызматы), ал баланы жана анын жанындагы адамдардын баарын дарылап, профилактика өткөргөн».[8] Ата-энелер да жогорудагы Максатбектин сөздөрүн тастыктап, өзгөчө мектепке даярдоодо, медициналык камсыздоонун жетишпей жатканын белгилешет.

Полис алуу үчүн, жок дегенде ата-эненин бирөөсү Орусиянын жараны же бала Орусияда төрөлүшү керек. Орусияда иштеп жүргөн Гүлназ төмөнкүлөргө токтолду.

*«Биринчи баламда, Москвада болчубуз. ОМС ала албай койдук, жарандыгыбыз жок болуп. Жеке ОМС алсак болмок, бирок көп акча керек экен. Ошон үчүн ай сайын педиатрга барып, поликлиниканын акча төлөөчү бөлүмүнөн эмдөө алчубуз. Азыр Калугага келдик, экинчи балам төрөлдү. ОМС ала элекпиз. Бул өзүнчө эле чоң көйгөй да. Туруктуу жашоого уруксат документин алсак болмок, бирок кагазы көп экен, РВП (регистрация на*

© 2020 Бишкектеги ЕККУ Академиясы. Бардык укутар корголгон

*временное проживание[9*]) тапшырыш керек. Андан көрө, жеке клиникага барып туралы деп чечтик».[10]*

Көпчүлүк учурда, иштеп акча тапканы келген ата-энелер полиске акча коротууну ыраа көрүшпөйт. Кээ бир ата-энелер ай сайын педиатрга барып, керектүү дарылоо жана эмдөөнү алып турса, көбүнчөсү бала ооруп калса, өз билгениндей дарылашат.[11]

Кыргыз Республикасынын Стратегиялык изилдөөлөр боюнча улуттук институту (СИУИ) билдиргендей, кыргыз мигрант балдарынын үстүнөн вакциналык көзөмөлдүн жоктугу кабыл алуучу жана жөнөтүүчү өлкө үчүн чоң коркунуч туудурат. Мисалы, 2017-жылы Орусияга таандык кызамыктын бир түрү ата-энеси менен барып келген баладан Кыргызстанга тарап кеткен.[12]

## ЕАЭБ мүчөлүгүнө карабастан ар түрдүү стандарттар

Келишимдин дагы бир өзгөчөлүгү – ЕАЭБ мүчөлөрү үчүн медициналык камсыздандыруу стандартынын ар түрдүүлүгү. Ар түрдүү болушунун биринчи себеби, ЕАЭБ түзүлгөнгө чейинки кабыл алынган эки тараптуу союздук өлкө келишимдердин күчүндө калышы. Мисалы, Беларус менен Орусия ортосунда 2006-жылы түзүлгөн эки тараптуу медициналык жардам көрсөтүү келишиминин негизинде, эки мамлекеттин жарандары бири-биринин өлкөсүндө бекер дарылана алышат. Экинчи себеби, ар бир өлкөнүн улуттук мыйзамдарынын өзгөчөлүгү. Мисалы, Беларус менен Арменияда милдеттүү медициналык камсыздандыруу жок жана ЕАЭБ өлкөлөрүнөн барган мигранттар башка КМШ өлкөлөрүнүн мүчөсүндөй тарифти төлөөгө милдеттенет. Кыргызстан менен Казакстан Орусиянын моделин улап, мүчө өлкөлөрдүн жарандарына эмгек келишимдин негизинде милдеттүү медициналык полис менен дарылоо системасын кабыл алган.

Ал эми тажрыйба жүзүндө, кабыл алынган келишимдин шарттары аткарылбаган учурларды ЕАЭБ комиссиясы да моюнга алат.

* Россияда жашаган чет өлкөлүк жарандын же жарандыгы жок адамдардын туруктуу жашоого уруксат кагазын алгыча, жашоо укугун тастыктоо. Ал инсандын өздүгүн тастыктаган күбөлүктө же Орусия тараптан берилген атайын документке белги иретинде коюлат.



Мисалы, милдеттүү түрдөгү биринчи жардамдын шарттары, көлөмү жана кызматы такталган эмес. Натыйжада, мигранттар кандай кызматты, канча убакка чейин бекер дарылана алаарын билишпейт жана медициналык мекеме талап кылган акчаны төлөөгө муктаж.

Орусиядагы Миграциялык изилдөө борбору менен Борбор Азиядагы Америка университетиндеги Тянь-Шань аналитикалык борборунун изилдөөсүнө таянсак, кыргызстандыктар эмгек келишимин алган соң, милдеттүү полис алуу укуктары жөнүндө жакшы маалыматы жок. Эксперттердин айтымында, бекер полис тууралуу маалымат мамлекеттик структуралар тарабынан кеңири жайылтылган эмес.[14] Ошентип, ЕАЭБнин алкагында жумушка жарамдуу гана мигранттардын медициналык камсыздоосу эске алынып, ата-энесин ээрчип барган балдардын саламаттыгы унутта калган.

Орусиядагы мигранттардын балдарынын медициналык камсыздоосун жакшыртуу үчүн Кыргыз өкмөтү тарабынан негиздүү иш алып барылбаганы көрүнүп турат. Көпчүлүк мамлекеттик изилдөөлөр менен отчеттордо ЕАЭБдин экономикалык багытына гана басым жасалып, социалдык камсыздоого аз көңүл бурулган. Социалдык камсыздоого байланыштуу, ЕАЭБ ишке киргенден бери, төрт жылдан кийин гана мигранттарга пенсия төлөп берүү күн тартибине киргизилген.[15] Ал эми медициналык камсыздоо азырынча мигранттардын, кээ бир бейөкмөт уюмдардын жана Орусиядагы диаспора өкүлдөрүнүн гана көңүлүн бургандай.

2018-жылдагы Кыргыз Республикасынын өнүгүү саясатында ата-энеси миграцияга кетип, Кыргызстанда калган балдарга өзгөчө көңүл бөлүнгөн. Бирок миграцияда ата-энеси менен чогуу жүргөн балдар жөнүндө сөз болгон эмес.[16] Карап өтсөк, азыркы миграцияга байланыштуу өкмөттүк жана бейөкмөт изилдөө жана иш-чаранын көбү да, Кыргызстанда калган мигранттын балдарына гана арналган. Ал эми өлкөнүн жаңы миграциялык саясаты 2013-жылдан бери иштелүүдө жана толугу менен кабыл алына элек. Айрым эксперттердин айтымына караганда, жаңы концепция 2004-жылдагы концепциядан көп айырмаланбайт жана социалдык аспектке аз көңүл бурулган.[17]

Мигранттардын медициналык полисине байланыштуу Орусиянын ички саясатына келсек, 2017-жылы, Орусиянын Саламаттыкты



© 2020 Бишкектеги ЕККУ Академиясы. Бардык укутар корголгон 

сактоо министрлиги ЕАЭБге мигранттардын эмгек келишими жок үй-бүлө мүчөлөрүнө (аялы, балдары) ОМСтин негизинде медициналык кызмат көрсөтүүнү алып салууну сунуштаган, бирок ал сунуш аягында ал кабыл алынган эмес.

Демек, иш жүзүндө, ЕАЭБдин алкагында Кыргызстандык мигранттардын үй-бүлөлөрүнүн социалдык абалы жакшырбай эле, кайра оорлогону көрүнүп турат. Бекер биринчи тез жардам, ЕАЭБден сырткары өлкө жарандарына полистин бары же жогуна карабай көрсөтүлөөрүн эске алсак, анда Кыргызстандан барган мигрант балдарга ЕАЭБ уюмуна мүчөлүк эч кандай артыкчылык алып келбегени анык.

2012-жылдагы Кыргызстандын балдар тууралуу кодекси, ар бир балага саламаттык сактоо системасы «жеткиликтүү жана сапаттуу медициналык жардам, илдеттердин алдын алуу, медициналык диагностика, дарылоого« жана бекер жана жеңилдетилген дарылоону мамлекеттин чегинде камсыздоого кепил берет.[19] Бул документте Кыргызстандын чегинен сыртка кеткен балдардын медициналык укугу белгиленген эмес. Жогорудагы факт, Кыргызстандын миграциялык саясаты, анын ичинде миграцияда жүргөн балдар укугу тууралуу мыйзамдын жок экенин же жетилбеген абалда экенин көрсөтөт.

Жогорудагы талданган фактыларды эске алып, мамлекеттик органдарга төмөнкү сунуштар берилет:

• Орусия менен Кыргызстандын ортосунда эки тараптуу келишим түзүп (Беларус менен Орусиянын мисалындай), ЕАЭБдин алкагында берилген балдардын ден соолугуна камсыздоону тереңдетип бекемдөө, мамлекеттик органдарга табыштоо;

• Орусияга кетип жаткан мигранттарга жана анын үй-бүлөсүнө медициналык полистин шарттары тууралуу кенен-ирээк айтып берүү:

• Орусия жана башка ЕАЭБге мүчөлөр менен бирдикте, минималдуу бекер медициналык жардамдын көлөмүн жана стандартын аныктоо жана аны келишимге бекемдөө;

• Орусиядагы Кыргызстандын элчилик жана консулдуктары менен иш алып барып, балдарды эмдөө жана эпидемиялык ооруларды алдын алуу иш-чараларын алып баруу;

• Миграциядагы балдардын социалдык абалын жакшыртууну жаңы иштелип жаткан миграциялык саясатка киргизүү.




© 2020 Бишкектеги ЕККУ Академиясы. Бардык укутар корголгон

## Колдонулган булактар


[1] Федеральная Миграционная Служба Российской Федерации, «Сведения в отношении иностранных граждан, находящихся на территории Российской Федерации, в половозрастном разрезе (по состоянию на 5 апреля 2016 г.)». Жайгашкан дареги: *http://гувм.мвд.рф/about/ activity/stats/Statistics/Svedenija_v_otnoshenii_inostrannih_grazh/item/5850/* Маалымат алынган күнү: 18.11.2019

[2] Единая миграционная служба РФ, «Разрешение на временное пребывание в РФ». Жайгашкан дареги: *https://grrf.ru/razreshenie-na-vremennoe-prozhivanie-v-rossii.html* Маалымат алынган күнү: 25.12.2019

[3] FIDH, «Женщины и дети из Кыргызстана, вовлеченные в миграцию», 2016, стр.1-74. Жайгашкан дареги: *https://www.fidh.org/IMG/pdf/rapport_kyrgyzstan_ru-web.pdf* Маалымат алынган күнү: 18.11.2019

[4] Азаттык, «Балдары ооруган мигранттардын түйшүгү», 2019. Жайгашкан дареги: *https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan-russia-migrants-children/30020231.html* Маалымат алынган күнү: 17.11.2019

[5] Флоринская Ю. Ф. «Миграция семей с детьми в Россию: проблемы интеграции (по материалам социологических опросов Центра миграционных исследований) // Проблемы прогнозирования». 2012. Стр.2-27. Жайгашкан дареги: *https://cyberleninka.ru/article/n/migratsiya-semey-s-detmi-v-rossiyu-problemy-integratsii-po-materialam-sotsiologicheskih-oprosov-tsentra-migratsionnyh-issledovaniy*. Маалымат алынган күнү 19.11.2019.

[6] Евразийская Экономическая Комиссия, «Трудовая миграция и социальное обеспечение трудящихся в Евразийском экономическом союзе», 2016, стр. 1-119. *Жайгашкан дареги: http://ssm.gov.kg/wp-content/uploads/2018/01/7bfb9d69aba75786f34eb1a007d6d653.pdf* Маалымат алынган күнү 18.11.2019

[7] Евразийская Экономическая Комиссия, «Трудовая миграция и социальное обеспечение трудящихся в Евразийском экономическом союзе», 2016, стр. 1-119. Жайгашкан дареги: *http://ssm.gov.kg/wp-content/uploads/2018/01/7bfb9d69aba75786f34eb1a007d6d653.pdf* Маалымат алынган күнү 18.11.2019

[8] Автордун интервьюсу, 20.11.2019, Скайп аркылуу.

[9] Автордун интервьюсу, 21.11.2019, Скайп аркылуу.

[10] Автордун интервьюсу, 20.11.2019, Скайп аркылуу.

[11] Азаттык, «Балдары ооруган мигранттардын түйшүгү», 2019. Жайгашкан дареги: *https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan-russia-migrants-children/30020231.html* Маалымат алынган күнү: 17.11.2019

[12] Национальный институт стратегических исследований Кыргызской Республики, «Кыргызстан расширенный миграционный профиль», 2018, стр. 1-152. Жайгашкан дареги: *https://iom.kg/wp-content/uploads/2011/07/Migration-Profile-2018-in-Russian.pdf* Маалымат алынган күнү: 17.11.2019

[13] Евразийская Экономическая Комиссия, «Трудовая миграция и социальное обеспечение трудящихся в Евразийском экономическом союзе», 2016, стр. 1-119. Булагы: *http://ssm.gov.kg/wp-content/uploads/2018/01/7bfb9d69aba75786f34eb1a007d6d653.pdf* Маалымат алынган күнү 18.11.2019

[14] Российская Газета, «Нелегалы зарабатывают меньше», 2019. Жайгашкан дареги: *https://rg.ru/2019/01/10/tret-trudovyh-migrantov-iz-kirgizii-hotela-by-ostatsia-zhit-v-rossii.html* Маалымат алынган күнү: 17.11.2019

[15] Российская Газета, «Нелегалы зарабатывают меньше», 2019. Жайгашкан дареги: *https://rg.ru/2019/01/10/tret-trudovyh-migrantov-iz-kirgizii-hotela-by-ostatsia-zhit-v-rossii.html* Маалымат алынган күнү: 17.11.2019

[16] Программа развития Кыргызской Республики на период 2018-2022 годов «Единство. Доверие. Созидание». Жайгашкан дареги: *http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/216208* Маалымат алынган күнү: 17.11.2019

[17] Stranradar, «Концепции миграционной политики в Кыргызстане: меняются ли они?», 2019 Жайгашкан жери: *https://stanradar.com/news/full/34718-kontseptsii-migratsionnoj-politiki-v-kyrgyzstane-menjajutsja-li-oni.html* Маалымат алынган күнү: 17.11.2019

[18] Клооп, Минздрав России может лишить семьи мигрантов бесплатной медицинской помощи, 2017 Жайгашкан жери: *https://kloop.kg/blog/2017/01/15/minzdrav-rossii-mozhet-lishit-semi-migrantov-besplatnoj-meditsinskoj-pomoshhi/* Маалымат алынган күнү: 17.11.2019

[19] Кыргызстандын балдар тууралуу кодекси, 2012. Жайгашкан жери: *http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/203700?cl=ru-ru* Маалымат алынган күнү: 17.11.2019






© 2020 Бишкектеги ЕККУ Академиясы. Бардык укутар корголгон

# Миграциянын көлөкөсүндө кордолгон балалык

*Алтынай Арстанбекова*

Жыл сайын 20-ноябрда бүткүл дүйнө жүзү балдардын укугун коргоо күнүн белгилейт. 2019-жылдын 20-ноябрь күнү Бүткүл дүйнөлүк балдар күнүн белгилөө учурунда Жогорку Кеңештин спикери Дастан Жумабеков өз сөзүндө Кыргыз парламенти тарабынан балдардын саламаттыгын сактоо жана тамак-ашы, билим алуусу жана бөбөк курактан баштап өсүп-өнүгүүсү, ошондой эле балдарды социалдык жактан коргоо боюнча прогрессивдүү мыйзамдар кабыл алынганын айтты.

> *«Аларды ишке ашырууда 5 жашка чейинки бөбөктөр арасындагы өлүмдү азайтууга жетиштик. Ымыркай кезинде эмдөө иштеринин натыйжасында биз бөбөктөрүбүздүн 80% түрдүү коркунучтуу жугуштуу оорулардан коргоп калдык. Балдарыбыз бир жылдык мектепке чейинки даярдоодон өтүшөт. Бул көрсөткүч 14%дан 40%га чейин көтөрүлдү. Буга аймактардагы айыл жергесиндеги бөбөктөр да камтылганына мен абдан кубанычтамын», – деп айтты төрага.*[1]

Кыргызстандагы балдар укугу корголгонун жана билим берүүдө бардык балдар камтылганы жөнүндөгү мисалдар дээрлик бардык аткаминерлердин отчетторунда бар. Бирок, өлкөдөгү жаңы муктаждыктардан келип чыккан дагы бир көйгөй айрым отчеттордо айтылбай көмүскөдө калып жатат. Ал – жумушсуздуктун айынан татыктуу айлык издеп кеткен мигранттардын балдары көргөн кордук менен зордук-зомбулук маселеси.

## Айласыздан аргасыз мигрант болгондор

Кыргызстандан жумуш издеп чет жакка чыгып кеткендердин саны 750 миңден ашык экени расмий отчеттордо жазылат.[2] Иш жүзүндө мигранттардын саны андан алда канча көп. Алардын 80%, тактап айтканда 640 миңи Орусия Федерациясында, калган 15% же болбосо 35 миңи Казакстанда, 30 миң мигрант Түркияда жана Түштүк Кореяда 15 миңден ашуун кыргызстандыктар эмгектенишет.

Жакырчылыктан улам келип чыккан миграция маселеси балдардын кароосуз калуусуна алып келип жатат. ЮНИСЕФтин маалыматы боюнча, ата-энеси экөө тең миграцияга кетип, таштап кеткен балдарынын саны 199 миңден ашат. Ал эми бир эле атасы же болбосо апасы кеткен балдардын саны 299 миңди түзөт.[3]

Буга караганда Кыргыз Республикасынын Социалдык өнүгүү министрлиги берген маалыматтагы сандар алда канча аз. Мигранттар Кыргызстанда калтырган балдарынын саны болгону 72 миңди түзөт экен. Акыркы маалыматка ылайык, 2019-жылдын январь, февраль, март айларына карата мигранттардын балдарынын саны 102 406 түзгөн.

Статистикага ылайык, балдардын көбү өлкөнүн түштүк аймагында жашашат. Ош облусунда 25 591, Жалал-Абад облусунда 22 226, Баткенде болсо 16 686, Чүй облусунда 5 776, Ысык-Көлдө 6 920, Нарын облусунда 1 990, Таласта 3 310 баланы ата-энеси таштап эмгек мигранты болуп чет жакка чыгып кеткен. Бул статистика 2019-жылдын май айына карата берилген маалымат болуп саналат.[4]

Кыргызстандын экономикасы мигранттардын мекенине жөнөткөн акча каражатына көз каранды. Ал миллиарддаган суммалар өлкөнүн ички дүң продукциясынын 35%ына барабар сумманы түзөт. Бул үчүн ата-эне менен туугандарынын колунда калган балдар башынан өткөргөн зордук-зомбулук менен кунун төлөп жаткандай.[5]

Дегеним, акыркы жылдары жаш балдардын үстүнөн болгон кордук менен зордук-зомбулук окуялары дээрлик көбөйүп кетти. Тилекке каршы, ар бир окуянын чоо жайы маалымдалганда эле кордук көргөн бала мигранттын баласы экени айтылат. Бул албетте өкүнүчтүү. Ата-эне мээримин сагынып турган балдарга зомбулук көрсөтүп, зөөкүрлүк менен зордуктаган окуялар үрөйдү учурат.

## Тагдырдын «өгөй» балдары

Айта кетчү жагдай, Кыргызстанда зордук-зомбулукка кабылган балдардын баары эле мигранттардын балдары эмес. Тескерисинче, айрым учурларда жаш балдар өз жакындарынын зомбулугуна кабылган учурлар да көп. Мисалы, 2018-жылы Кыргызстанда жашы жете элек 13 бала зордук-зомбулук менен өлтүрүлгөн. Алардын ичинен жетөөсү жакын тууганадарынан зордук көргөнү айтылат. Ал эми жалпы республика боюнча 136 баланын кордук көргөн фактысы катталган. Адистердин айтымында, 2018-жылы жаш балдарды кордоп-зордуктоонун эң оор түрү көп болгон.

> *«3 наристени энелери өздөрү өлтүргөн. Эки факты боюнча апалары өзүн да балдарын да өлтүрүү аракетин көрүп, тилекке каршы, ал эки учурда тең жаш балдар көз жумган. Жашы жете элек эки бала мушташуу учурунда каза тапкан», – деп билдирет өлкөнүн массалык маалымат каражаттарына берген биддирүүсүндө ИИМдин жашы жете элек балдар менен иштөө бөлүмүнүн башчысы Азамат Абдрахманов.*[6]

Кыргызстандын кылмыш кодексинде балдарга карата болгон зордук-зомбулукту жазалоо боюнча өзүнчө берене каралган эмес. Моралдык жактан жана денеге оор жаракат келтирүү менен зордук-зомбулук көрсөтүү – киши өлтүрүү, зордуктоо жана ур-токмокко алуу сыяктуу оор кылмыш жасаган менен барабар жазаланат.

Бул материалда ата-энеси мигрант болуп кетип, зордук-зомбулукка кабылган балдар туурасында сөз болот. Алыс барбай эле, 2015-жылдын январындагы окуяны эске салсак. Анда эс-учун жоготкон абалда ооруканага түшкөн эки жашар Ибрагимдин окуясы дене бойду титиретип, жүрөктү канаткан. Наристенин ата-энеси ажырашып, апасы мигрант болуп алыска кеткени айтылат. Атасы диний көз караштардан улам даватка кетип, баласын бир тууган агасынын үйүнө убактынча таштап кеткен. Окуя Чүй облусунун аймагындагы Озерное айылында болгон. Көп жолу токмоктолгон бөбөк акыркы жолу сабалганда эс-учун жоготуп, ооруканага жеткирилгенде комага түшүп калган. Бөбөктү текшерген дарыгерлер бала көп жолу зордукталганын айтышкан. Бир нече ай бою ооруканда дарылаеа да наристе толугу менен айыга албай, акыры майып болуп калганы маалымдалды. Азыр Ибрагимдин көзү көрбөйт. Учурда ал өгөй энесинин колунда экени айтылат. Бул окуя коомдо резонанс жараткандыктан, күнөлүүлөр катуу жазага тартылышкан. Ибрагимдин атасынын агасы өмүр бою эркинен ажыратылып, анын аялы 15 жылга абакка кесилген. Баланын атасы да күнөлүү деп табылып, 2 жылга түзөтүү колониясына жөнөтүлгөн.[7]

Андан кийин 2015-жылдын декабрь айында мектепке кетип бара жаткан 7 жашар Тахмина жерге кулап түшүп, ооруканага жетпей жан берген. Ал апасынын Базар-Коргондогу эжесинин үйүндө жашачу. Андан бир күн мурун кыздын апасынын бир тууган эжеси катуу сабаганы аныкталган. Эжеси күйөөсү менен урушуп кетип «сабак окубайсың« деген шылтоо менен 1-класстын окуучусун оор темир менен катуу сабаган. Тахминанын апасы кызын бир тууган эжесине калтырып, эки баласын кайын энесине таштап, бир жылдан бери Орусияда иштеп жүргөн күйөөсүнүн артынан кеткенине 3 ай болгон. Камакка алынган эжесине доосу жок экенин билдирип Тахминанын апасы арыз жазуудан баш тарткан.[8]

2018-жылдын май айында Балыкчыда жашаган 33 жаштагы аял эки жашар уулун кайын эжесине таштап, Каракол шаарына иштегени кеткен. Бөбөк шымына сийип алганы үчүн эжеси катуу ур-токмокко алган. Жүрөктү канаткан бул окуя боюнча териштирүү болуп жатканын ММКлар жазышты.[9]

Кызы Орусияда иштеп жүргөн 47 жаштагы таянени 4 жаштагы небереси менен зордуктаган зөөкүр, 7 жаштагы уул небересин муунтуп өлтүрүп, кылмыштын изин жашырыш үчүн үйдү өрттөп жиберген. Каргашалуу окуя Нарында болгон.[10]

2018-жылдын ноябрь айында эки жашар наристе оор абалда Бишкектеги ооруканага келип түшкөн. Уулун курбусуна калтырган эне баласы катуу сабалып, эс-учуна келбей жан берсе да кылмышкерге каршы арыз жазуудан баш тарткан. Баласын «карап тур« деп Орусияга кеткен аял бат эле Кыргызстанга кайтууга аргасыз болгон. Анткени, наристе ур-токмокко алынып каза тапкан.[11]

Мындай үрөй учурган окуялар токтоло элек. Тилекке каршы, азыр да андай фактылар көп. Бул жагдайда ошол кордолгон бөбөктөрдүн көпчүлүгү эмгек мигранттарынын жакын тууганадарына карап туруу үчүн таштап кеткен бала-чакасы экени өкүндүрөт.




© 2020 Бишкектеги ЕККУ Академиясы. Бардык укутар корголгон

Балдарды кордоо жана зордуктоо кылмышы убагында резонанс жаратканы менен убакыт өткөн соң коом тарабынан унутулуп, андан айрым амалдуулар пайдаланып, өз ара келишип-сүйлөшүп алуулардын натыйжасында кылмышкерлер эркиндикте жүргөн фактылар көп эле. Ушундан улам, Кыргыз Республикасында балдардын укугун коргоодо юридикалык жактан чабалдык орун алып, чийки, бышпаган мыйзамдар кабыл алынып жатат деген жыйынтык пайда болууда.

Күчтүү жана акылсыз чоңдордон алсыз бөбөктөр себепсиз кордолуп зордукталганын мамлекеттик органдар жана мекемелер карап турбагандыр. Бирок, айтылган сунуштар менен кабыл алынган иштер жемишин бердиби?

## Маселени чечүүгө багытталган иш-аракеттерден натыйжа чыга элек

Жогорку Кеңештин депутаттары, өкмөттүк эмес уюмдар жана өкмөт мүчөлөрү мигранттардын кордолгон балдарынын маселесин чечүү боюнча көптөгөн сунуштарын айтышкан.

Мисалы, парламент депутаты Сагынбек Келдибаев мигранттардын балдарынын көйгөйүн өкмөткө өткөрүп берүү менен жатак мектептерди түзүүнү сунуштаган. Айрымдары бул маселени чет мамлекеттердегидей фостердик үй-бүлө институтун түзүү менен чечсе болот дейт.

Foster care (англ.) (патронаждык (колдоочу) тарбия) – фостердик үй-бүлө деген, жашы жете элек кароого муктаж балдар убактынча кабыл алган үй-бүлөдө жашашат. Же болбосо үй-бүлөлүк балдар үйүндө кароого алынат. Балага кеткен чыгымды мамлекет төлөп берет.

Кыргызстанда фостердик үй-бүлө институту өнүгүп жатканын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин үй-бүлөнү жана балдарды коргоо башкармалыгынын башчысы Жаңыл Жумабаева айтты.





*«Фостердик үй-бүлө боюнча жобо 2012-жылы кабыл алынганы менен 2014-жылы гана жакшы иштей баштады», – деди ал.*

Жаңыл Жумабаеванын айтымында, учурда 9 фостердик үй-бүлөдө 17 бала тарбияланып жатат. Ал фостердик үй-бүлөдө каралып жаткан балага мамлекет тарабынан ай сайын 6 миң сом төлөнүүдө.[12]

*«Чет өлкөлөрдө жетим балдар үчүн фостердик үй-бүлө институттары бар. Ал жакка ата-энеси акча төлөп берип, келгенче каратса болот. Мигранттардын балдары жетим эмес, бирок ата-энеси келгиче жетимдей эле жашап калышат. Баланы жөн эле карап койбостон аларга туура тарбия, багыт берип билим алуусун, ден соолугун да көзөмөлдөп туруш керек. Буга фостердик үй-бүлө ылайыктуу. Эгер мамлекет ушундай нерсени колдосо, ага бюджеттен деле каражат бөлүүнүн кажети жок болмок», – деп белгиледи журналисттерге берген интервьюсунда экономикалык серепчи Искендер Шаршеев.*[13]

2017-жылдын май айында «Үй-бүлөлүк зордук зомбулуктан коргоо жана коопсуздук жөнүндөгү» мыйзам кабыл алынган. Ал мыйзамды аткарыш үчүн милиция кызматкерлери гендердик сезимталдык (гендерная чувствительность) боюнча окуулардан өтүүгө мажбур болушту. Антпесе, алардын баары үй-бүлөдөгү зомбулук бул ошол бүлөөнүн ичиндеги жеке мамилелер, ага кийлигишүү туура эмес деп эсептешчү. Мыйзамга ылайык, үй-бүлөдө зомбулук болгону жөнүндөгү ар бир маалыматка милиция көңүл бөлүп, зөөкүрдүн жабырлануучуга жолошуна тыюу салган коргоо ордерин бериш керек. Ордер 3 күнгө берилет же аны узартса да болот. Ошондой эле ал ордерди иш сотко өткөн учурда далилдөөчү документ катары колдонсо болот. Бирок, бул мыйзам кылмыш окуяларына багытталбай, үй-бүлөлүк зомбулук оор түргө өтүп кеткичекти зордукту алдын алууну көздөгөн аракет болчу. Кагаз жүзүндө мыйзам мыкты көрүнгөнү менен иш жүзүндө бардык кемчиликтерди эске алганда документ чийки жазылып калгандай. Жада калса коомдук угуулар да өткөрүлбөй мыйзам шашылыш кабыл алынып калганы маалымдалды.

© 2020 Бишкектеги ЕККУ Академиясы. Бардык укутар корголгон 

**Коңшу мамлекеттердеги практика кандай?**

2018-жылдын 1-январынан тартып коңшу Казакстанда жаш балдарды зордуктаган зөөкүрлөрдү химиялык жол менен бычууга уруксат берген мыйзам күчүнө кирип иштей баштады. Химиялык жол менен бычуу – бул жаш баланы кыргыздын салты менен сүннөткө отургузуу эмес. Бала зордуктаган кылмышкерге дары-дармектер берилет, тагыраагы 3 айда бир ийне сайылат. Ал эркектин сексуалдук каалоосун төмөндөтөт. Аны менен бирге адамдын эс тутуму азайып, депрессияга кабылат. Бул дары каражатын алган адамдарда инсульт жана инфаркт болуп, жан берүү тобокелдиги жогору болот. Андан тышкары кант диабетин пайда кылып, бөйрөктө таш көбөйөт. Дарынын зыяндуулугунан улам адам бат семирип кетет жана чачтары түшүп, булчуң эттери жоголо баштайт.[14]

Казакстандагы педофилдерге каршы өтө катаал шарттар каралган: алар эч качан шарттуу түрдө кесилбейт, баланын ата-энеси менен өз ара келишип алуу такыр мүмкүн эмес жана шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда бошотулбайт. Белгиленген жаза мөөнөтүн өтөп камактан бошогондордун артынан 3 жыл бою тыкыр көзөмөл жүргүзүлөт. 2019-жылдын ноябрь айында Казакстандын укук коргоо органдары жаш балдарды зордуктаган зөөкүрлөргө карата жазаны күчөтүүнү сунушташты. Эгерде мурда жаш балдарды зордуктаган зөөкүрлөр 15-20 жылдан жана андан ашык мөөнөткө абакка кесиле турган болсо, эми 20 жылга камалат же кылмыштын өтө оор түрүнө жараша өмүр бою эркинен ажыратылат. Зордуктоо беренеси Казакстанда мындан ары оор кылмыштарга кирет. Бул мыйзам долбоорун Казакстандын парламенти биринчи окууда жактырды.[15]

Орусия Федерациясында балдарга карата көрсөтүлгөн кордук менен зордуктоого айыпталгандар 4 жылдан 20 жылга чейин абакка кесилет. Педофил экинчи жолу 14 жашка чейинки баланы зордуктаган болсо анда өмүр бою эркинен ажыратылат. Ошондой эле химиялык жол менен бычууга мажбурланат. Мындай медициналык чаралар сөзсүз түрдө медициналык-психиатриялык экспертизалардын негизинде соттун чечими менен ишке ашат. 2018-жылы Орусиянын Мамлекттик Думасы педофилдерге каршы жазаны күчөтүүнү сунуш кылды. Анда 14 жашка чейинки балдарга болгон сексуалдык мүнөздөгү кылмыштар үчүн өмүр бою эркинен ажыратуу каралган.[16]

Педофилдерди бычууга өкүм берүү практикасы Франция, Германия, Улуу Британия жана Америка Кошмо Штаттарынын айрым аймактарында бар. Жогорудагы Европа өлкөлөрүндө жаш балдарга каршы сексуалдык кылмышка баргандарды бычуу практикасы колдонулган соң педофилдер катышкан окуялар дээрлик 50% азайган. Европа өлкөлөрүндө да башка мамлекеттердей эле педофилдерди химиялык жол менен бычуу бирдей эле жүргүзүлөт. Эгер педофилдин жаза мөөнөтү аяктай элек болсо анда эмдөө улана берет.[17]

**Көйгөйдү чечүү үчүн Балдардын акыйкатчысы керек**

Кыргызстанда балдарга карата көрсөтүлгөн кордук, зордук-зомбулук окуяларынын коомго кенен тарашына жана эл арасында резонанска айланышына жараша гана кылмышкерлер катуу жазаланып жаткандай. Социалдык тармактардан көп айтылган, үрөй учурган окуялар боюнча гана сот иштери аягына чыгып жатканын байкаса болот. Бирок, мындай учурлар өтө аз. Бир-эки жолу гана массалык маалымат каражаттарында жазылып байкалбай калган окуялардын арты, эки тараптын өз ара келишип-сүйлөшүп алуусунан улам кылмыш иши кыскарып же зөөкүр бат эле эркиндикке чыгып кеткен фактылар, тилекке каршы, көп. Мындай учурда баланын укугун тебелеп кордоо, алсыз бөбөктөрдү зордуктап зомбулук көрсөтүү токтоп калбай, тескерисинче, улана берет. Андыктан, балдардын укугун коргоодо козголгон ишти аягына чейин жеткирип, зөөкүрдүн татыктуу жаза алышы үчүн эффективдүү юридикалык жардам көрсөтүү талап кылынат.

Мен тажрыйбалуу журналист, эне жана кайдыгер эмес жаран катары алыста мигрант болуп жүргөн ата-энесинин мээримин сагынып, алардан колдоону зарыгып күтүп, коргоп калуусун үмүт эткен балдардын укугун коргой турган, конкреттүү иш алып барган, ал ишмердикти коомго ачык жана так көрсөткөн атайын кызматтын түптөлүшүн сунуш кылат элем. Аёосуз зордукталган бөбөктөр жөнүндө акыркы 3-4 жыл ичинде социалдык тармактарда жана массалык маалымат каражаттарында айтып-деп, Балдар акыйкатчысы тез арада түзүлүшү керек деген ой-пикиримди талап катары көп эле жолу көтөргөм.[18]





© 2020 Бишкектеги ЕККУ Академиясы. Бардык укутар корголгон 

Бул оюма айрым жарандар жана өзүмдүн эле кесиптештерим каршы болгону таң калтырат. Балдардын укугун коргоого кайдыгер мамиле кылгандар бар экени жүрөктү оорутту. Алар өз каршылыгын дагы бир чиновниктердин армиясын түзүүнүн кажети жок экендиги менен түшүндүрүшөт. Бул, элдин бийликке, аткаминерлерге болгон ишениминин азайышы деп түшүнсө болот. Себеби, алардын айтымында, ансыз деле Акыйкатчы институтунда атайын балдар бөлүмү иш алып барып жатат. Эгер андай болсо, анда массалык маалымат каражаттарынан же ошол эле социалдык тармактардан Акыйкатчынын балдар бөлүмүнүн жасап жаткан иштеринин жыйынтыктары көрүнөт эле да? Же болбосо, коомдо резонанс жараткан балдар өлүмү, кордук, зордук-зомбулук көрсөткөн оор кылмыштардын ар бири боюнча билдирүүлөр болуп же жасалып жаткан иштери туурасында отчеттор берилип турушу керек эле да? Акыйкатчы балдар укугу тургай коомдун нааразычылыгын пайда кылган саясий куугунтуктоолор боюнча да өз ой-пикирин айта албагандыгы, чала иш алып барып жаткандыгы айтпаса деле көрүнүп турат.

Балдар – биздин келечегибиз. Ата-энеси алыска кетип, мигрант болуп эмгектенип жүргөндө аларды сагынып, мээримине зар болуп психикалык жактан жабыр тартып жаткан наристелерди жөн койбой, чоочун болобу, жакын туугандарыбы же өзүнүн чоң ата, чоң энеси болобу өгөйлөп, кордоп, зордуктап зомбулук көрсөтүү – бул ашыкча адамгерчиликсиздик жана кылмышкерлерге карата жазалардын аягына чыкпашы. Ошондой эле мамлекеттин мигранттардын балдарынын көйгөйүнө болгон көңүл кош мамилеси.

Буга далил катары, 2019-жылы Кыргызстанда Бизнес акыйкатчынын пайда болушун айтсак болот. Мамлекет жетекчилигинин пикиринде мигранттардын кордолгон балдарынун укугуна караганда ишкерлердин укугу аёосуз бузулуп жатыптыр.

Жогоруда жазылган окуяларды жана келтирилген жүйөөлөрдү эске алып, Кыргызстанда бардык укук коргоо органдарында, сотто жана күнүмдүк турмушта балдар укугун жогорку деңгээлде жана тез арада коргогон атайын кызматтын же болбосо Балдар акыйкатчысынын пайда болушу зарыл.

Кыргызстанда балдарды кордогон, зордуктап зомбулук көрсөткөндөргө карата жаза мөөнөтү кодексте туура көрсөтүлгөнү менен ал сот иштери аягына чыкпай келет. Өлкөбүздө Балдар акыйкатчысы түзүлүп калса, ар бир кайрылуулар менен иштеп, сот иштери жана кылмышка жараша зөөкүрдүн жазаланышы тыкыр көзөмөлгө алынат эле. Балдар акыйкатчысы Кыргыз Республикасынын Президентинин же болбосо Жогорку Кеңештин алдында түзүлүп, өзүнүн жобосу, нормативдик расмий документтери жана жогорку укуктары аркылуу мамлекеттин атынан (!) кылмышкердин жазаланышы боюнча ишти аягына чыгарып, башкаларга үлгү же эскертүү болушу үчүн коомго ишмердик боюнча ачык жана так маалыматтарды берип турат. Балдар акыйкатчысы зордукталган же кордолгон баланын ата-энесинин же укук коргоочулардын арызын күтпөй эле, Кыргыз Республикасынын атынан кичинекей жарандардын укугун коргой берет.




© 2020 Бишкектеги ЕККУ Академиясы. Бардык укутар корголгон

## Колдонулган булактар


1 Акипресс, 20-ноябрь 2019-жыл, «В истории нашего народа дети всегда занимали особое место, - спикер Д. Джумабеков», *https://kg.akipress.org/news:1578777/*, маалымат 2019-жылдын 20-ноябрында алынды.

2 Таалайгүл Усенбаева, «Баласын таштап, чет өлкөгө кетип жаткан ата-энелер үчүн жаңы мыйзам. Чоо-жайы», 28-декабрь 2018-жыл. *https://sputnik.kg/analytics/20181228/1042656109/migranttardyn-baldarynyn-ukugun-korgoo.html*, маалымат 2019-жылдын 20-ноябрында алынды.

3 Наргиза Рыскулова, «Цена миграции. В Кыргызстане растет поколение детей без родителей», 2-апрель 2019-жыл. *https://www.bbc.com/russian/features-47773112*, маалымат 2019-жылдын 21-ноябрында алынды.

4 Таалайгүл Усенбаева, «Миллиарддап акча салган мигранттардын кор болгон балдары. Көйгөйдөн арылуу жолу», 3-май 2019-жыл. *https://sputnik.kg/opinion/20190503/1044204184/migranttardyn-baldary-oj-pikir-statistika.html*, маалымат 2019-жылдын 21-ноябрында алынды.

5 Таалайгүл Усенбаева, «Миллиарддап акча салган мигранттардын кор болгон балдары. Көйгөйдөн арылуу жолу», 3-май 2019-жыл. *https://sputnik.kg/opinion/20190503/1044204184/migranttardyn-baldary-oj-pikir-statistika.html*, маалымат 2019-жылдын 21-ноябрында алынды.

6 Sputnik, «Больше половины детей в КР страдают от насилия — мнения о ситуации», 31-январь 2019-жыл. *https://ru.sputnik.kg/press_photo/20190131/1043129780/nasilie-deti-situaciya-kyrgyzstan.html*, маалымат 2019-жылдын 22-ноябрында алынды.

7 Малика Баяз, «Видео: Изнасилованный двухлетний мальчик из Озёрного «потерял зрение»», 15-февраль 2015-жыл, *https://kloop.kg/blog/2015/02/11/video-iznasilovannyj-dvuhletnij-malchik-iz-ozyornogo-poteryal-zrenie/*, маалымат 2019-жылдын 22-ноябрында алынды.

8 Sputnik, «Гибель девочки в Базар-Коргоне: все время твердила, что скучает по маме»,11-декабрь 2015-жыл. *https://ru.sputnik.kg/video/20151211/1020823794.html* маалымат 2019-жылдын 23-ноябрында алынды.

9 Аида Джумашова, «Семейное насилие. Почему детей жестоко бьют», 7-июль 2018-жыл. *https://24.kg/obschestvo/90040_semeynoe_nasilie_pochemu_detey_jestoko_byut/*,маалымат 2019-жылдын 23-ноябрында алынды.

10 Наргиза Рыскулова, «Цена миграции. В Кыргызстане растет поколение детей без родителей», 2-апрель 2019-жыл. *https://www.bbc.com/russian/features-47773112*, маалымат 2019-жылдын 21-ноябрында алынды.

11 Таалайгүл Усенбаева, «Миллиарддап акча салган мигранттардын кор болгон балдары. Көйгөйдөн арылуу жолу», 3-май 2019-жыл. *https://sputnik.kg/opinion/20190503/1044204184/migranttardyn-baldary-oj-pikir-statistika.html*, маалымат 2019-жылдын 23-ноябрында алынды.

12 Анастасия БЕНГАРД, «Фостерные семьи в Кыргызстане получают зарплату в 6 тысяч сомов»,17-май 2017-жыл. *https://24.kg/obschestvo/51946_fosternyie_semi_vkyirgyizstane_poluchayut_zarplatu_v6_tyisyach_somov/*, маалымат 2019-жылдын 23-ноябрында алынды.

13 Таалайгүл Усенбаева, «Миллиарддап акча салган мигранттардын кор болгон балдары. Көйгөйдөн арылуу жолу»,3-май 2019-жыл. *https://sputnik.kg/opinion/20190503/1044204184/migranttardyn-baldary-oj-pikir-statistika.html*, маалымат 2019-жылдын 23-ноябрында алынды.

14 Екатерина Алиева, «В Казахстане вступает в силу закон о химической кастрации педофилов»,1-январь 2018-жыл. *https://www.zakon.kz/4896729-v-kazahstane-vstupaet-v-silu-zakon-o.html*, маалымат 2019-жылдын 23-ноябрында алынды.

15 Данияр Айсаров, «Уголовную статью за сексуальные домогательства хотят ввести в РК. Разбираем новый законопроект», 18-сентябрь 2019-жыл. *https://informburo.kz/cards/ugolovnuyu-statyu-za-seksualnye-domogatelstva-hotyat-vvesti-v-rk-razbiraem-novyy-zakonoproekt.html*, маалымат 2019-жылдын 23-ноябрында алынды.

16 Галина Мисливская, «Новый пакет антипедофильских законов разработают к концу года»,30-октябрь 2018-жыл. *https://rg.ru/2018/10/30/novyj-paket-antipedofilskih-zakonov-razrabotaiut-k-koncu-goda.html*, макала 2019-жылдын 23-ноябрында алынды.

17 Факти Украина, «Химическая кастрация: что это, для кого применяется и где разрешена»,11-июль 2019-жыл. *https://fakty.com.ua/ru/ukraine/20190711-himichna-kastratsiya-shho-tse-dlya-kogo-zastosovuyetsya-i-de-dozvolena/*, маалымат 2019-жылдын 23-ноябрында алынды.

18 24.kg, «Журналист: Депутаттарга бөлүнгөн миллиарддарды балдардын билимине жумшасак», 1-ноябрь 2019-жыл. *https://24.kg/kyrgyzcha/133880_jurnalist_deputattarga_bolungon_milliarddardyi_baldardyin_bilimine_jumshasak_/*, маалымат 2019-жылдын 23-ноябрында алынды.






© 2020 Бишкектеги ЕККУ Академиясы. Бардык укутар корголгон

# Кыргыз мигрант кыз-келиндерди жергиликтүү масс-медиа кандай чагылдырып жатат?

*Мээрим Самиева*

Миллиондун тегерегиндеги кыргызстандыктар мекенден алыс чет жерде эмгек мигранты болуп жүрөт. Анын жарымына жакыны ар кандай курактагы аялдар. Алакандай эли бар Кыргызстан үчүн бул чоң цифра. Анан калса, мигранттардын жылына өлкөгө которгон миллиарддаган акчасы Кыргызстандын ички дүң продукциясынын үчтөн бир бөлүгүнө барабар. Мындан улам, мамлекеттик деңгээлде коомдук пикир пайда кыла билген, интернет айдыңында көп окурманы бар ири жергиликтүү масс-медиалар (ЖМК) үчүн миграция темасы өтө актуалдуу.

Жергиликтүү масс-медиаларда күнүгө кыргыз мигранттары тууралуу ар кандай жаңылыктар байма-бай чыгып турат. Мекенде калган мигранттын жакындары, деги эле кыргыз коомчулугу интернетке чыккан маалымат аркылуу мигранттын турмушун элестеткенсийт.

Ааламдашкан дүйнөдө интернет аркылуу чыккан ЖМКлардын орду чоң экени талашсыз. Айрыкча, кайсы бир массалык медиа каражатына (ММК) чыккан маалымат көз ачып жумгуча коомго тарап, кайсы бир жагдай, адамдар тобу тууралуу коомдук пикир тез эле жаралып калат. Тилекке каршы, журналисттик макаланын таасири коомдун кайсы бир катмарына кандайдыр бир деңгээлде зыян келтириши мүмкүн.[1] Америкалык изилдөөчү Роберт Энтмандын «медиафрейм» же болбосо «калыпка салуу, рамкага киргизүү» теориясына ылайык, медиа адамдардын кантип ой жүгүртүшү керектигине таасир этет, башкача айтканда ЖМК белгилүү бир теманы чагылдырууда анын кайсы бир өңүтүнө басым жасап, башка өңүтүн көз жаздымда калтырат. Журналисттер тарабынан колдонулган фреймдин таасиринин натыйжасында коомчулукта белгилүү бир тема тууралуу кандайдыр бир пикир жаралат. Ал пикир калыптанган стереотипти бекемдеши же акырындап өзгөртүшү ыктымал.[2]



Кыргыз мигрант кызы дегенде эле дароо оюңузга эмне келет? Деги эле мигрант деген сөздүн өзү сизде кандай ассоциация жаратат? Балким, көз алдыңызга дароо оор абалда иштеген жана жардамдын бардык түрүнө муктаж аялзаты же ортомчуга алданган, сойкуга айланган кыргыз кызынын элеси келеби? Коомдо мындай образды жаратууга ММКлар кандай «салым» кошуп жатат?

Кыргыз коомчулугунда чет жерге чыккан жалгыз бой кыз-келиндер башка улуттун өкүлдөрү менен жүрөт, «бузулган сойкулар», төрөп баласын таштап кеткен «күкүк» энелер деген пикирлер 2010-жылдары абдан жайылган эле. Ага кыргыз кыздарынын жүрүм-турумун тескеген «патриоттордун» кылыктары себепчи болгон. Муну социалдык тармактардагы комментарийлер тастыктап турат. Ансыз да кыргыз коомунда чет жерде иштеген мигрант кыз-келиндердин кадыр-баркы түшүп, стигматизациялоого дуушар болуп турганда, кыргыз масс-медиаларында чыккан бир беткей, стереотиптүү, негативдүү өңүттө чагылдырылган жаңылыктар какаганга муштаган кылып жаткан жокпу?

## Кыргыз масс-медиасы мигранттарды кантип сүрөттөйт?

Бул суроолорго жооп издөө максатында, интернет айдыңында Кыргызстанда жана чет жерде жүргөн кыргызстандыктар тарабынан көп окулган, ошондой эле социалдык тармактарда миңдеген окурманы бар деп эсептелген үч ири медиа компаниянын, Азаттык Үналгысынын (Азаттык), Кактус медианын (Кактус) жана Спутник Кыргызстан (Спутник) сайттарынын материалдары каралды. Кактус жалаң гана орус тилинде макалаларды жазса, Азаттык менен Спутник кыргыз жана орус тилинде макалаларды жарыялашат. Бул макалага Азаттык жана Спутник сайттарынын кыргыз тилиндеги материалдары кирди. Жогоруда аты аталган сайттар башка ЖМКларга салыштырмалуу миграция темасына көбүрөөк көңүл бурганы менен өзгөчөлөнүштү. 2018-жылдын январь айынан тартып 2019-жылдын ноябрына чейин эки жылга жакын аралыкта миграцияга байланыштуу жазылган макалалар каралып, анын ичинен кыргыз мигрант кыз-келиндер тууралуу макалалар изилдөөнүн өзөгүн түздү. Азаттыктан (azattyk.org) жана Спутниктен (sputnik.kg) жана Кактустан (kaktus.media) кыз-келиндерге байланыштуу

© 2020 Бишкектеги ЕККУ Академиясы. Бардык укутар корголгон

макалаларды топтоо үчүн «миграция», «мигрант» ачкыч сөздөрү колдонулду.

Изилдөөгө алынган ЖМКлардагы миграция тууралуу макалалардын жалпы саны 1-таблицада көрсөтүлдү.

**1-таблица. Макалалардын саны**

| ЖМКнын аталышы | 2018-жылы | 2019-жылы |
|---|---|---|
| Азаттык үналгысы | 320 | 220 |
| Кактус медиа | 94 | 86 |
| Спутник Кыргызстан | 248 | 195 |

Миграция темасында жазылган макалалардын ичинен кыз-келиндерге тиешелүү макалалар, жаңылыктар, видео материалдар тандалып алынып каралды.

Жалпы материалдарды чогулта келгенде, 2018-жылдын январь айынан 2019-жылдын ноябрь айына чейин Азаттык мигрант кыз-келиндер тууралуу 32 макала жарыялаган болсо, Кактус 20, ал эми Спутник 10 жаңылык жазган.

Андан соң жалпы 62 макала темасы жана мазмунуна жараша категорияларга бөлүнгөндө үч вебсайттан тең алынган жалпы материалдар 11 теманын тегерегинде жазылганы белгилүү болду. Ал 2-диаграммада берилди.





**1-диаграмма. Мигрант кыз-келиндер тууралуу материалдардын категориялары**




Негизинен кыз-келиндер миграциясына байланышкан макалалардын көпчүлүгү негативдүү өңүттө чагылдырылганын байкоого болот. Эки жылда жазылган материалдардын ичинен бир гана Спутникте Түркиядагы ийгиликке жетишкен мигрант айым тууралуу бир маек берилген. Аты аталган үч ЖМК тең эки жылдын ичинде чет жерде сойкулукка кабылган, жыныстык кулчулуктан куткарылган жана өз ден соолугуна кайдыгер карагандыктан же башка себептер менен ооруп калган кыргызстандык кыз-келиндер, окубай иштеп жүргөн жаш өспүрүм кыздар тууралуу басымдуу кеп кылышкан.

Азаттыкта эки жыл ичинде жарык көргөн жалпы 32 материалдын 24үндө Түркиядагы жана 8инде Орусиядагы мигрант кыз-келиндер тууралуу жазылган. Түркиядагы мигрант аялдар тууралуу жаңылыктардын көптүгү акыркы жылдары кыз-келиндердин аталган өлкөгө миграцияга кетишинин көбөйүшү менен байланыштырса болот. Андагы мигрант кыз-келиндер тууралуу макалалардын каарманы ортомчуга алданып калган, визасыз эмгектенген, сексуалдык кулчулукка кабылып запкы жеген, ден соолугуна кайдыгер карап ооруп калган, оор турмуштун айынан өзүнө кол салган, депортацияланган, ур-токмокко алынгандар. Ошондой эле, ме-

© 2020 Бишкектеги ЕККУ Академиясы. Бардык укутар корголгон

диаматериалдардын басымдуу бөлүгүндө мигрант кыз-келиндер жардамга муктаж курмандык катары көрсөтүлүп, окурмандарда аёо сезими жаратат. Ага айрымдарынын аталыштары мисал болот: «Кыргыз кыздарын Түркияга түрткөн турмуш»[5], «Түркия: мигранттын жүгү жана бугу»[6], «Миграция аялды да аябайт»[7], «Ортомчуларга жем болгон мигранттар»[8], «Түркия: сойкулук торуна чалынган кыз-келиндер»[9].

*Азаттыкта* Орусияга кеткен мигрант кыз-келиндер тууралуу байма-бай жаңылыктар чыгып турат. Акыркы эки жылда чыккан макалаларда окуусун таштап, иштегени кеткен эселектерге басым жасалган («Окуудан калып Орусияга кеткен көчөт кыздар»[10], «Орусияга иш издеп барган өспүрүмдөр»[11]). Эмгек миграциясына барган өспүрүмдөрдүн сексуалдык, психологиялык басымга кабылып, маянасын алалбай алданып жана оор шарттарда жумуш иштеп жүргөнү баяндалат.

Азаттыктан айырмаланып *Кактус* Казакстандагы жана Орусиядагы мигрант кыз-келиндер тууралуу жазган. Өзгөчө көңүл бурган темалар төрөп баласын таштап кеткен келиндер, сексуалдык кулчулукка кабылгандар жана эмгек кулчулугу болуп эсептелет. Москвада 15 жашар кыргыз кыз өлүк наристе төрөгөнүн же 23 жаштагы Нургүл баласын үйүндө төрөп, анын айтуусу боюнча, перзенти өлүк төрөлүп, аны таштандыга ыргытып койгон жеринен полиция кармап, азыр убактылуу кармоочу жайда иши териштирилип жаткан материалдар камтылган[12]. Ошондой эле, Кактус Казакстанда жумуш иштеп жүргөн мигрант кыз келиндер бир нече адамдардын тобу тарабынан зордуктоого кабылып жаткандарына басым жасаган. «Кантип кыргызстандык мигрант кыз-келиндер зордуктоого кабылып жатат» деген материалда зордуктоодон качуу максатында кыз-келиндер туш келген жигитке турмушка чыгып, запкы жегенин жана мекенине кайтып келген мигрант кыз-келин сойкуга барабар эсептелгени баяндалат[13].

*Спутник* сайтында мигрант кыз-келиндерге арналган медиа материалдар анча көп эмес. Ал Азаттык сыяктуу Орусиядагы жана Түркиядагы мигранттар тууралуу кеп кылат. Кактус Орусияда төрөп перзентин таштагандар тууралуу жазса, Спутник ошол мигрант кыз-келиндер тарабынан ташталган балдардын Кыргызстанга кайтарылуусуна басым жасаган. «Мигрант кыз-келиндер Москвада таштап кеткен 6 бала Кыргызстанга кайтарылды»[14], «Энесине 10 айдан кийин кайтарылган ымыркай» аттуу материалдар мисал боло алат[15]. Мындан тышкары, Түркияга кеткен мигрант кыз-келиндер ортомчуларга алданып, сексуалдык кулчулукка кабылып кыйналып жатканы көрсөтүлгөн. Кыздар бир айдан кийин жумуштан чыгып, дискотека барып, түрктөр менен жүрүп ала тургандыгын «Миграция азабын тарткан Түркиядагы кыргыз кыздары» аттуу материалда айтылат[16].

Спутниктин «Ийгилик изин тапсаң да топурак тартат экен. Түркияны жерлеген кыргыз кызы» аттуу материалы позитивдүү өңүттө жазылган бирден-бир макала[17]. Анда маектин каарманы Сирень Келдибек кызынын ийгиликтүү карьерасы баяндалат. Ал макаладан келип чыккан позитивдүү фреймдерди 3-таблицадан көрүүгө болот.

**2-таблица. Масс-медиада мигрант кыз-келиндерге карата колдонулган фреймдер**

| Фреймдер | Азаттык үналгысы | Кактус медиа | Спутник Кыргызстан |
|---|---|---|---|
| Терс (Негативдүү) | Сойкулуктан куткарылгандар, ортомчуларга жем болгондор, оор жумушта иштеп кыйналгандар, кожоюнунан кордук көргөндөр, таяк жегендер, мыйзамсыз эмгектенгендер, алдангандар, жарандык никеде жашагандар, абакта отургандар, муунуп алгандар, укугун билбегендер, төрөткө камылгасы начар, ден соолугун ойлобогон мигранттар, депортациялангандар, бөтөн жерде төрөгөн эселектер | Баласын таштандыга ыргыткандар, сексуалдык кулчулуктан бошонгондор, күйөөсүн таштап кеткендер, бузулгандар, зордукталгандар өлтүрүлгөндөр | Алдамчы кыздар, жалкоо кыз-келиндер, жеңил ойлуу кыздар |




© 2020 Бишкектеги ЕККУ Академиясы. Бардык укутар корголгон

| Фрейм-дер | Азаттык үналгысы | Кактус медиа | Спутник Кыргызстан |
|---|---|---|---|
| Бейтарап (Нейтралдуу) | Медициналык жактан камсыздандырылбагандар, дайынсыз жоголгондор, саламаттыгынан каза болгондор, бала багуучу өспүрүмдөр, ооруп калгандар | Каза болгондор | |
| Оң (Позитивдүү) | | | Ийгиликтүү аял, башкаруучу аял, жогорку билимдүү, кадыр-барктуу, үй-бүлөсү толук, бизнес жаатындагы адис |
| Колдонулган стереотиптер, стигматизациялар | «Күкүк» эне, окуудан калган көчөт кыздар, сойкулар, алданып калгандар, уурулукка шектелгендер | Төрөп таштаган, өзүн-өзү коргой албаган, бузулган кыздар, кылмышкерлер, улутту уятка калтыргандар | Баласын төрөп таштап кеткендер, алданып калгандар, түрктөр менен жүрүп кетишкендер |

## Журналисттер кыргыз мигранттарынын кадыр-баркын түшүрүүгө салым кошуп жатат

Үстүбүздөгү жылдын май айында Эл аралык миграция уюму мигранттарды жана качкындарды ЖМКда чагылдырууда редакциялар олуттуу каталарды кетирип жатканын айтып, журналисттер менен бир нече жолугушуулар өткөн. Уюмдун адиси Жылдыз Ахметованын айтымында, өзгөчө мигрант кыз-келиндер тууралуу маалымат чагылдырууда этият болуу керек.

> «Мигрант кыз-келиндер үйүнө кайтып келгенде кыйынчылыктарга туш болуп жатышат. Анткени ар түрдүү ЖМКлар кыргыз кыздары бузулуп кеткенин, сексуалдык кулчулукка кабылганын жазгандыктан, мекенге кайтканда алар тууралуу стигматизация жаралып жатат. Ошентип, кошуна, үй-бүлө мүчөлөрү тарабынан кодуланып жатышат. Ушул себептерден улам биз журналисттер менен түшүндүрүү иштерин, тегерек столдо талкууларды уюштуруп жатабыз. Акыркы убакта байкашыбызча бир нече редакциялар мигрант кыз-келиндерди чагылдырууда стигматизация алып келбеген, жумшак тил менен жазып калышты. Бара-бара бул кырдаал өзгөрүп, коомчулук мигрант кыз-келиндердин эмгегин баалашат деген үмүттөбүз».[18]

Ошондой эле, Фактчек сайты медиакритика аттуу бөлүмүндө көпчүлүк кыргыз журналисттери кетирген ката деп Би-Би-Си Кыргыз кызматы чыгарган мигрант кыз-келиндерге тиешелүү макаланы сындаган. Анда «Орусияда кыргызстандык мигрант кыз-келиндер таштап кеткен алты баланы Кыргызстанга алып келишти. Учурда балдарын таштап кеткендердин ата-эне, туугандары изделүүдө» деп айтылат. Өз материалында Фактчек балага карата жалгыз эле энесинин эмес, атасынын да жоопкерчилиги эске алынышы керек экенин, журналисттер дайыма мигрант кыз-келиндер балдарын таштап кетти деп жазып, атанын жоопкерчилигин көз жаздымда калтырышаарын айтып сынга алган .

## Корутунду

Бул эки жылдын аралыгында жазылган мигрант кыз-келиндерге байланыштуу материалдарда Орусия, Казакстан жана Түркиядагы гана кыз-келиндердин кейиштүү тагдыры чагылдырылган. Ошондой эле, бул өлкөлөргө кеткен мигрант кыз-келиндер социалдык, укуктук, физикалык жактан алсыз жана бул өлкөдө аял мигранты кызмат көрсөтүүчү чөйрөдө гана эмгектенет деген ой пикир жаралат. Мындан башка өлкөгө кеткен же илим-билимде, карьерада бийиктикке жеткен аялдар профили жокко эсе. Мисалга алсак, Түштүк Корея, Бириккен Араб Эмираттары, Америка, Европа өлкөлөрүндөгү мигрант кыз-келиндер жөнүндө макалалар жок.

Мындан тышкары, аталган медиа компаниялардын материалдарында кыз-келиндердин миграциясы өтө кооптуу дегендей белги берет. Түркияга кеткен мигрант кыз-келиндердин образын абдан аялуу катмар түзгөндөй. Анткени алар ден соолугун карабай, ооруп




© 2020 Бишкектеги ЕККУ Академиясы. Бардык укутар корголгон

калып, дарыга акчасы жетпеген, кыйналып оор жумушта иштеп акча тапкан, мыйзамсыз жүрүп, ортомчуларга алданып калган, анан калса сексуалдык кулчулукка сатылып кеткен, сабалгандар деп сүрөттөлөт.

Ал эми Орусияга кеткен кыз-келиндердин образы – бул күнүнө 16 саат иштеп, бир бөлмөдө 30 кишиден жашап, аборт кылдырып, баласын таштаган улут трагедиясына айлангандар. Ошондой эле, окуусун таштап үй-бүлөсүн багуу максатында бала багуучу болгон өспүрүм кыздар.

Эл аралык аялдар миграциясын ЖМКда чагылдырууда да өтө кылдаттык менен мамиле кылуу абзел. Кандайдыр бир редакциялык саясаттын же сенсациялык жаңылыктын артынан түшүү менен коомдо негативдүү стереотип жаратып коюсу мүмкүн. Миграция – бул адамдын жеке укугу экендигин унутпоо кажет.

Маал-маалы менен Эл аралык миграция уюму тарабынан өткөрүлүп жаткан журналисттер менен жолугушуулар ЖМКнын тилин бир аз болсо да жумшарткандай. Бирок, бул изилдөөнүн натыйжасында, кыргызстандык мигрант кыз-келиндер тууралуу негативдүү өңүттөгү медиаматериалдар дагы эле басымдуулук кылаары маалым болду. Бул демек, коомчулукка жарнама сыяктуу кайсы бир айнанын брендин көрсөтүп, айтып, жазып, мактай берсең, кардар дүкөнгө барганда так ошол бренддеги айнаны сатып алууну каалайт эмеспи. Ошол сыяктуу мигрант кыз-келиндер тууралуу ЖМКга чыккан жаңылыктар көпчүлүк учурда терс жактан чагылдыра берип, алардын коомдогу образына, жеке кадыр-баркына терс таасирин тийгизүүдө.

## Сунуштар:

1. Журналисттерге, редакторлорго ЖМКнын таасири, медиафреймингдин маанисин түшүндүрүү;

2. Ийгилик жараткан мигрант кыз-келиндердин образын көбүрөөк чагылдыруу;

3. Мигрант кыз-келиндер тууралуу материал жазууда өтө этият болуп, эл аралык стандарттарды сактоо.



## Колдонулган булактар




1 Elira Turdubaeva, Alena Zelenskaia. Thematic analysis of Kyrgyz and Russian language online news media. Media portrayal of migration from Central Asia, 2018.

2 Druckman, J. N. The implications of framing effects for citizen competence. Political Behavior, 2001.23: 225–256.

3 «Данисте»: Москвадагы мигрант кыз-келиндин тагдыры, https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_russia_migrants_crime/24265846.html, маалымат 2019-жылдын 25-декабрында алынды.

4 стигматизациялоо – миграцияга байланыштуу адамга жарандардын тобуна алардын кадыр-баркын төмөндөтүүчү касиет; стигма - «тамга», «жарлык».

5 Айгерим Акылбекова, Элвира Будайчиева, Кыргыз кыздарын Түркияга төрт-көн турмуш, *https://www.azattyk.org/a/turkey-migrants-woman/29225883.html*, маалымат 2020-жылдын 23-январында алынды.

6 Элвира Будайчиева, Түркия: мигранттын жүгү жана бугу..., *https://www.azattyk.org/a/turkey_kyrgy_migrants_suicide/29739577.html*, маалымат 2020-жылдын 22-январында алынды.

7 Элвира Будайчиева, Түркия: миграция аялды да аябайт, *https://www.azattyk.org/a/central_asian_migrants_in_turkey/29600844.html,* маалымат 2019-жылдын 22-ноябрында алынды.

8 Элвира Будайчиева, Ортомчуларга жем болгон мигранттар, *https://www.azattyk.org/a/kyrgyz_migrants_turkey_issues/30185389.html*, маалымат 2019-жылдын 22-ноябрында алынды.

9 Элвира Будайчиева, Түркия: сойкулук торуна чалынган кыз-келиндер, *https://www.azattyk.org/a/turkey-prostitution-migrants/29783307.html*, маалымат 2019-жылдын 15-ноябрында алынды.

10 Айгерим Акылбекова, Окуудан калып Орусияга кеткен көчөт кыздар, *https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_teen_girls_migration/29544237.html*, маалымат 2019-жылдын 15-ноябрында алынды.

11 Лазат Жаныбек кызы, Орусияга иш издеп барган өспүрүмдөр, *https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_russia_children_migrants/29541920.html*, маалымат 2019-жылдын 15-ноябрында алынды.

12 В Москве 23-летняя кыргызстанка выбросила новорожденного в коробку для мусора, *https://kaktus.media/doc/398276_v_moskve_23_letniaia_kyrgyzstanka_vybrosila_novorojdennogo_v_korobky_dlia_mysora.html,* маалымат 2019-жылдын 23-декабрында алынды.

13 «Дважды были групповые изнасилования». Как мигрантки из Кыргызстана подвергаются насилию, *https://kaktus.media/doc/377502_dvajdy_byli_gryppovye_iznasilovaniia._kak_migrantki_iz_kyrgyzstana_podvergautsia_nasiliu.html*, маалымат 2019-жылдын 23-декабрында алынды.


© 2020 Бишкектеги ЕККУ Академиясы. Бардык укутар корголгон

14 Мигрант кыз-келиндер Москвада таштап кеткен 6 бала Кыргызстанга кайтарылды, *https://sputnik.kg/society/20190528/1044485643/rossiya-kyrgyzstan-migrant-bala.html*, маалымат 2019-жылдын 25-ноябрында алынды.

15 Мигрант тагдыры. Энесине 10 айдан кийин кайтарылган ымыркай, *https://sputnik.kg/society/20180802/1040461111/ymyrkay-enesine-10-aydan-kiyin-kaytaryldy.html*, маалымат 2019-жылдын 25-ноябрында алынды.

16 Бармак тиштеп каларың бат эле. Миграция азабын тарткан Түркиядагы кыргыз кыздары, *https://sputnik.kg/migration/20180831/1040841671/turkiyadagy-migrant-kyrgyz-kyzdary.html*, маалымат 2019-жылдын 25-ноябрында алынды.

17 Ийгилик изин тапсаң да топурак тартат экен. Түркияны жерлеген кыргыз кызы, *https://sputnik.kg/society/20181222/1042571231/turkiya-ijgilik-syry-siren.html*, маалымат 2019-жылдын 25-ноябрында алынды.

18 Елена Иванченко, Не навреди: какие ошибки совершают СМИ Кыргызстана, говоря о беженцах и мигрантах?, *http://www.news-asia.ru/view/ks/mass_media/12350*, маалымат 2019-жылдын 25-декабрында алынды.

19 Фактчек, Медиакритика материалов BBC и Sputnik.kg, или Про сексизм в кыргызстанских СМИ, *http://factcheck.kg/ru/post/228*, маалымат 2019-жылдын 25-декабрында алынды.



# Орусиядагы масс-медиада кыргыз мигранттарынын чагылдырылышы

***Айкерим Сагынбекова***

Ааламдашуу убагында миграция эң көп изилденип жана талкуу болуп жаткан тармактардан. Тегерегибиздеги болуп жаткан көйгөйлөрдүн кээ биринин келип чыгыш себебин миграциядан көрсөк, айрым көйгөйлөрдөн улам миграция болуп жатканы аныкталган. Орусиядагы кыргыз мигранттары дагы көңүл бурулушу керек болгон темалардан.

Орусия кыргыз эмгек мигранттарын кабыл алуу боюнча биринчи орунда турат. ФСБнын Московский Комсомолецке берген маалыматында, 2019-жылдын биринчи жарымында 265 миң кыргыз мигрант катталган.[1] Алар өзбек жана тажик мигранттарынан кийинки орунду ээлейт. Орусиядагы кыргыз мигранттарынын көйгөйлөрү ар тараптан изилденсе дагы, массалык маалымат каражаттарында (ММК) кыргыз мигранттары кандай чагылдырылганы туралуу маалымат жок. Орус окумуштуулары ММКдагы мигранттардын образын жалпы изилдешкен, бирок кыргыз мигранттарын бөлүп караган эмес.

ММК «төртүнчү бийлик» катары таанымал жана жалпы элдин аң сезимине болгон таасири күчтүү. Ар түрдүү маалымат, факт, кубулуш тууралуу түшүнүктү калыптандырууда ММК чоң роль ойнойт[2]. Демек, ММКлар орус элинин кыргыз мигранттары тууралуу оюн калыптандырууда орду чоң. Бул макалада Орусиядагы массалык маалымат каражаттарында кыргыз эмгек мигранттары кандай чагылдырылганы талдоого алынат.

Ал үчүн орусиялыктар тарабынан эң көп окулган интернет сайттары тандалып алынды. LiveInternet[3] агрегаторунун маалыматына ылайык, күн сайын жаңылык жазган төмөнкү сайттар алдыңкы беште орун алды. Алар: Московский Комсомолец (МК), РИА жана Комсомольская Правда (КП). 2018-жылдын январь айынан тарта 2019-жылдын ноябрына чейин жарык көргөн материалдар «кыргыз мигранты» ачкыч сөзү менен топтолду.

**© 2020 Бишкектеги ЕККУ Академиясы. Бардык укутар корголгон**

### 1-диаграмма. ММКлардын рейтинги

Новости и СМИ [Россия, сегодня] — Статистика группы, 5 868 сайтов

| | | |
|---|---|---|
| 1 | МОСКОВСКИЙ КОМСОМОЛЕЦ 88% | 1 838 380 |
| 2 | Lenta.RU 81% | 1 599 758 |
| 3 | РИА Новости: главные новости часа 85% | 1 581 942 |
| 4 | Рамблер/медиа - главные новости и события в России и мире 80% | 1 344 090 |
| 5 | Комсомольская правда-Digital 76% | 1 327 302 |

Ондогу канча адам киргени, аттарынын жанындагы орусиядан кирген окурмандардын проценти

### Контент анализ: мигрантты оң жактан чагылдырган бир да материал жок

Жаңылыктардын саны, мүнөзү жана кандай сөздөр менен чагылдырылганы материалдын контент анализин түздү. Жогоруда белгиленген ачкыч сөз аркылуу 75 жаңылык табылды: алардын ичинен 43 макала МКда, 22си КПда жана 10 материал РИАда жарык көргөн.

### 2-диаграмма. Макалалардын саны




Бул материалдардын 70% кыргыз мигранттары жөнүндө Борбордук Азиянын башка өлкөлөрүнөн барган мигранттар менен бирге сөз болгон. 30% гана өзүнчө кыргыз мигранттары тууралуу талкуу болгон. РИАда чагылдырылган жаңылыктар көбүнчө жалпыланган болсо, КПда кыргыз мигранттары менен болгон көйгөйлөрдү Орусиянын бийлиги чечпей жаткандыгын көрсөтүүгө басым жасалган. Ал эми МКдагы жаңылыктарда түз эле мигранттарга басым жасалат. ММКларда кыргыз мигрантын оң жагынан чагылдырган кабар жарык көргөн эмес. Кыргыз мигранттары туурасында РИАда 5 терс жана 5 бейтарап (нейтралдуу); КПда 10 терс, 12 бейтарап; МКда болсо 30 терс, 13 бейтарап материал чыккан.

### 3-диаграмма. Кыргыз мигранттар тууралуу жанылыктар




60% терс мүнөздө жарык көргөн жаңылыктарда мигранттар тарабынан жасалган зордук-зомбулук жана кылмыштар сөз болот. 40% бейтарап жаңылыктар болсо эч кандай басым жасалбастан сүрөттөлгөн окуялардан турат. Эч бир жаңылыкта кыргыз имиджин көтөргөн, мисалы, кыргыз мигранттарынын орус экономикасына кошкон салымына же жасаган жакшы иштерине байланыштуу маалымат камтылган эмес.

Талдоого алынган макалалардын көпчүлүгүндө кыргыз мигранттарынын терс жүрүм-турумдары чагылдырылган. 2019-жылы март айында Якутияда «кыргыз мигранттары тарабынан жергиликтүү бир аялды зордуктаганы» жана кийин якут элинин көтөрүлүшүнө


© 2020 Бишкектеги ЕККУ Академиясы. Бардык укутар корголгон

себеп болгон окуя, колдо болгон жаңылыктардын 26% түзөт. Айтылган кабарлардын 25% кыргыздар тарабынан жасалган жол кырсыгын, жаңжалдарды жана өлүмгө алпарган кылмыштарды баяндайт. Радикализм жана терроризмге 4 макала арналган.

Мигранттардын жеке өзүнө эмес, кандайдыр бир социалдык топко көбүрөөк басым жасалган. Орусиялык ММКларда кыргыз эмгек мигранттары үнсүз жана көрүнбөгөн адам катары чагылдырылган. Бардык макалаларда кылмыш кылган кыргыз мигранттарынан же анын жактоочусунан интервью алынган эмес. Айрым учурларда гана жаш курагы айтылган. Мигрант экендигине, келген мамлекетине жана улутуна басым жасалган. Аты-жөнү, үй-бүлөлүк статусу же билими тууралуу маалымат табуу кыйын. Материалдар орусиялыктардан («өздөн») болгон «бөтөнчөлүгүн» көрсөтүү үчүн жазылганын айтууга болот.

Кыргыз мигранттарга карата колдонулган сөздөр: азият, мыйзамсыз адам (нелегал), гастарбайтер жана Борбор Азиядан келгендер (выходцы из ЦА). Албетте, бул сөздөр жөнөкөй көрүнгөнү менен ММКда терс мааниде, кемсинтүү жана басмырлоо максатында берилген.

Эң көп кайталанган сөздөр: нелегал жана гастарбайтер. Кыргызстан ЕАЭБге киргенден кийин «нелегал» сөзү кыргыз мигранттарга карата колдонулбай тургандыгын үй-бүлөнү пландоо боюнча альянсттын жетекчиси Бактыгүл Бозгорпоева айткан.

«Гастарбайтер» сөзү немисчеден которгондо конок жумушчу маанисин билдирет жана убактылуу жумушка келген чет элдик адам деп чечмеленет. МКК тарабынан болсо аз квалификацияны талап кылган жөнөкөй жумушта иштеген билимсиз чет элдик мигрант катары колдонулат[4]. Орусиядагы Борбор Азиялык эмгек мигранттарына жардам фонду жүргүзгөн интернет изилдөөдө Орусиядагы эмгек мигранттары өздөрүнө карата «гастарбайтер» сөзүнүн колдонулушун кемсинтүү катары кабыл алышаарын айтышкан[5].

Анализденген макалаларда мигранттар жаман кийинген, кабагы ачылбаган жана кулдук күчкө ээ (рабская сила) болгондор, каптап кеткендер (понаехавшие) катары сүрөттөлгөн[6]. Ошондой эле, кабарларда кыргыз мигранттары Орусияны басып алып аткан душман образы чагылдырылган. Кыргыздар Сахалинге дагы жетти[7], Көмүскө коркунуч: эмнеге орусиялыктар мигранттарга каршы, мигранттар жумуштарды тартып алышууда[8], орусиялыктардын ордун гастарбайтерлер басты  деген чагылдыруулар кездешет.[9]

Окурмандарды ишендирүү үчүн апыртылып айтылган маалыматтар дагы ММКда орун алган. Күндө уруш - талаш деген ат менен жарыяланган макалада ар кайсы жылда болгон үч окуя мисал келтирген[10], башкарылгыс агым (аномальный приток)[11]. Негизи Орусия мигранттарды жакшы башкарып жаткандыгы баарына эле маалым. Бул жаңылыктар «бөтөн» адамдар тарабынан кылынгандыгы үчүн ушундай жарыяланып элдин көңүлүн буруп коркутууга аракет жасап жатат, эгерде «өз» тарабынан кылынганда анчалык резонанс болбойт эле. Мисалы, эң көп жазылган Якутия окуясы жергиликтүү адам тарабынан кылынганда ММКда башкача чагылдырылмак дагы, элдер иш таштоодон жана мигранттарга көрсөтүлгөн кысымдан баш тартмак. Якутияда поп 87 зордуктоо үчүн камакка алынган, бирок бул окуя эч кандай попторду кысымга алууга жана чектөөгө түрткү болгон эмес[12].

## Башка ММКда абал кандай?

Бул жылы ММКда кыргыз мигранттары катышкан жана көптүн көңүлүн бурган дагы эки окуя болуп өттү: бири НТВнын, экинчиси Андрей Малаховдун берүүсү.

НТВнын «ЧП. Расследование» берүүсүндө 2019-жылдын 15-мартында «Чеги жок мушкерлер» аттуу тасмасы көрсөтүлгөн. Тасмада борбор азиялыктардын спорт клубдары көрсөтүлөт. Анда машыккан мигранттар күндүз иштеп, кечкисин мыйзамсыз спорт клубдарга барып киши өлтүрүүнү үйрөнүшөт деп айтылган.

Берүү Москвада кылмышка айыпталган тажикстандыктар менен башталып, «Ихлас» спорт клубунда машыккан кыргызстандыктар жана 2018-жылы футбол боюнча дүйнөлүк чемпионат өтүп жаткан маалда Москвада туристтерди автоунаасы менен сүзүп кеткен кыргызстандык Чыңгыз Анарбек уулу эми акча үчүн мушташка даярданып жаткандай көрсөтүлгөн. Жалпысынан телеберүүдө кыргыз мигранттары каракчы жана кылмышкер катары чагылдырылган.




© 2020 Бишкектеги ЕККУ Академиясы. Бардык укутар корголгон

*«Берүүдө улуттук аралык кастыкты козутуунун белгилери бар. Биринчиден, бир улутка карата терс образ түзүлүп, ар кандай мисалдар менен бекемделген. Экинчиден, бир адам аркылуу бүтүндөй бир улутту каралоо болгон. Берүүдө күмөндүү статистикага таянып, кылмыштуулук өсүп баратат, ага борбор азиялыктар күнөөлүү дегендей шилтеме жасалган», – деген Азаттыкка Москвадагы Маалымат каражаттарынын укуктарын коргоо борборунун директору, юрист, медиа каражаттарынын үстүнөн түшкөн арыздарды караган коомдук коллегиянын өкүлү Галина Арапова[13].*

Дагы бир коомчулукка катуу угулган жаңылык 2019-жылдын 24-сентябрында «Россия-1» телеканалындагы Андрей Малаховдун программасы болду. Анда миллиардердин баласын сүзүп кеткен кыргызстандык мигрант таксист Исламбек Акбаров жөнүндө сөз болот[14]. Малахов Акбаровдун адвокатка кантип акчасы жеткенине таң калып, аны акча үчүн баарына даяр турган адам катары сүрөттөгөн. Башка мамлекеттен келгени баса белгиленип, экинчи сорттогу (көп үй-бүлөдөн, айлыгы аз болгон) адам катары образ берилген. Эгерде бул жол кырсыгында мигрант катышпаганда деле ушундай эфир болот беле ал башка суроо. Анткени, орусиялык белгилүү актер жана КВН катышуучусу Ильяс Хасанов 8-ноябрда жол кырсыгынан каза болгон. Берилген жаңылыктарда күнөөлүү тарап жөнүндө автоунаа тууралуу маалыматтан башка кабар жок.[15] ММКлар мигранттардын проблемаларын жаңылыктарда берип жатып негативдүү образын түзүшөт. Бул МККлардын мигрантофобия жана ксенофобиянын жайылышына түрткү болуп жатат. Көптөгөн мамлекеттерде бул чоң көйгөйгө алып келдүүдө. 17 жаштагы орус жараны «мени жеткиришти» деп эч кандай себепсиз 1 кыргызды өлтүрүп, экөөнү жаралаган[16].

Орусиядагы Левада борбору жүргүзгөн изилдөөдө 72% орус жараны чет элдик эмгек мигранттары чектелиши керектигин айтышкан. Жана бул ойду колдогондор жыл сайын өсүп жаткандыгын көрсөтүшкөн, 2017-жылы 58% болсо, 2018-жылы 67% болуп көбөйгөн. Карама-каршы ойду 9% орусиялыктар колдогон.[17]

Эгерде бул темп менен өсө турган болсо кыргыз мигранттарынын жашоосу коркунучта. Орусиядагы Кыргызстандын консулдук кызматынан Вечерний Бишкек гезитине берген маалыматында, 2018-жылы 174 мигрант каза болгон жана киши колдуу болгон кыргыз мигранттары «Жүк-200дө» себеп катары көрсөтүлгөн эмес. Бирок, интернеттеги такырбаштар (скинхед) сабаган кыргыз мигранттары тууралуу видеолор коомчулукка тараган.





### Эмне үчүн ММК мигранттарды терс жактан чагылдырат?

ММКлардын мигранттар жөнүндө белгилүү бир өңүттөн кабар жазуусунун себебин өзүлөрүнүн жаңылыктарына көңүл бурдуруу аракети менен байланыштырганга болот. Технология өнүгүп, бир клик менен көп маалымат чыга турган убакытта, атаандашуудан озуп чыгыш үчүн кандай кана каралоолорго барышпайт. Макалалардын аттары жана тандалган сүрөттөр дагы аудиторияны тартканга, көбөйткөнгө багытталган.

Журналисттердин билиминин жетишсиздигинен же басманын саясатына байланыштуу дагы терс чагылдырууга жол ачылышы мүмкүн. ММК мигранттарга боюнча коомчулуктун оюн оң жакка буруп, аң сезимге толеранттуулукту орнотууга дарамети жетет. Толерантуулукту жайылтуунун ордуна кастыкты күчөтүп козуткан сөздөрдү колдонуп, манипуляция аркылуу мигранттарга байланыштуу терс пикирдин көбөйүп жайылуусуна салым кошууда. Демек, журналисттик этиканы бузушууда.

Бирок ошол эле учурда ММКдагы терс мүнөздө жарык көргөн материалдардын пайда болушуна кыргыз мигранттарынын да үлүшү чоң. Анткени кылмыш, зордук-зомбулуктардын 25% кыргыздар тарабынан жасалган. Эгерде бөтөн элде жарандарыбыздын жүрүм-туруму жакшы болгондо мындай абал жаралбайт эле.

Тыйындын арткы бетин карай турган болсок, мигранттарыбыз үй-бүлөсүн жыргал жашоодон улам таштап, бөтөн элге кара жумуш үчүн кетип жатышкан жок. Кыргыз бийлигинин дагы күнөөсү аз эмес. Тескелиши жана чечилиши керек болгон маселелер көп. Орус ММКсында чагылдырылган көйгөйлөрдүн дагы бири – бул башка мамлекеттин жарандары мыйзамсыз жол менен биздин паспортубузду алганында. Орусияда терроризмге шектелген кыргыз жараны аягында кыргыз паспортун сатып алган өзбек жараны

© 2020 Бишкектеги ЕККУ Академиясы. Бардык укутар корголгон 

болуп чыккан жана бул бир эле мисал эмес. Демек, кыргыз миграннтарынын орус ММКларында терс чагылдырышынын себеби барып кайра эле өкмөткө такалат.

Алар орус ММКлары менен түшүндүрүү иштерин алып барып, таанытуу кызматтарын көбөйтсө, албетте чырмалган түйүндүн бири ачылып, кыргыз мигранттарыбызга жакшы шарт түзүлмөк жана Кыргызстанга келген акча дагы көбөймөк.



## Колдонулган булактар




1 Георгий Степанов, Эксперты посчитали непрезентативными данные ФСБ о количестве трудовых мигрантов, *https://www.mk.ru/economics/2019/08/16/eksperty-poschitali-neprezentativnymi-dannye-fsb-o-kolichestve-trudovykh-migrantov.html*, маалымат 2019-жылдын 19-ноябрында алынды.

2 Чудинов А. П. Метафорическая мозаика в современной политической коммуникации: моногр. / А. П. Чудинов; М-во образования РФ, Урал. гос. пед. ун-т. – Екатеринбург: [б. и.], 2003. – 248 с.

3 LiveInternet, *https://www.liveinternet.ru/rating/ru/media/15/11/2019*

4 Р. Л. Исхаков, А. Н. Старостин, Н. В. Шадрина , «Образ «гастарбайтера» в ленте информационных агентств«, 29 Марта 2015, *https://www.google.com/amp/s/russiancouncil.ru/amp/blogs/migration/31493/* маалымат 2019-жылдын 20-ноябрында алынды.

5 Мигранты в России высказались против понятия «гастарбайтер» 23/02/2014 *https://www.vb.kg/doc/263195_migranty_v_rossii_vyskazalis_protiv_poniatiia_gastarbayter.html*, маалымат 2019-жылдын 18-ноябрында алынды.

6 Понаехали: мигранты строят новую Россию, 29/07/2019 *https://m.gazeta.ru/comments/column/bovt/12539317.shtml* , маалымат 2019-жылдын 14-ноябрында алынды.

7 На родине не выжить: как киргизы зарабатывают в России, 31/03/2019 *https://www.google.com/amp/s/m.gazeta.ru/ampbusiness/2019/03/02/12219025.shtml* маалымат 2019-жылдын 14-ноябрында алынды.

8 Скрытая угроза: почему в России не рады мигрантам, 29/03/2019, *https://m.gazeta.ru/business/2019/03/28/12270524.shtmlhttps://m.gazeta.ru/business/2019/03/28/12270524.shtml,* маалымат 2019-жылдын 14-ноябрында алынды.

9 Россиян заменили гастарбайтерами: шокирующая статистика трудовой миграции из Средней Азии,13/05/2019, *https://www.mk.ru/economics/2018/05/13/rossiyan-zamenili-gastarbayterami-shokiruyushhaya-statistika-trudovoy-migracii-iz-sredney-azii.html*

10 «Драки каждый день»: смертельная резня на востоке Москвы, 19/06/2019 *https://m.gazeta.ru/social/2019/06/19/12425275.shtml*, маалымат 2019-жылдын 14-ноябрында алынды.

11 Статистики прокомментировали аномальный приток мигрантов в Россию, 23/07/2019, *https://www.mk.ru/economics/2019/07/23/statistiki-prokommentirovali-anomalnyy-pritok-migrantov-v-rossiyu.html*, маалымат 2019-жылдын 17-ноябрында алынды.

12 В Якутии осудили священника за 87 изнасилований, *https://www.google.com/amp/s/www.mk.ru/amp/social/2018/11/29/v-yakutii-osudili-svyashhennika-za-87-iznasilovaniy.html*, маалымат 2019-жылдын 25-декабрында алынды.


© 2020 Бишкектеги ЕККУ Академиясы. Бардык укутар корголгон

13 Л. Жаныбек кызы, «НТВ мигрант спортчуларды каралады«, 23.03.2019, *www.azattyk.org/a/russia_mighttpsrants_sport_crime/29837937.html*, маалымат 2019-жылдын 25-декабрында алынды.

14 Оскорбительная передача Малахова возмутила Кыргызстанцев, 26/09/2019, *https://www.vb.kg/doc/381841_oskorbitelnaia_peredacha_andreia_malahova_vozmytila_kyrgyzstancev_video.html*, Е. Улитина, маалымат 2019-жылдын 14-ноябрында алынды.

15 Юморист Ильяс Хасанов умер в больнице после ДТП в Татарстане, *https://www.google.com/amp/s/ria.ru/amp/20191112/1560839230.html,* маалымат 2019-жылдын 25-декабрында алынды.

16 «Они меня довели«: задержан студент-маньяк, нападавший на азиатов из ненависти, 19/02/2019 *https://www.mk.ru/incident/2019/02/19/oni-menya-doveli-zaderzhan-studentmanyak-napadavshiy-na-aziatov-iz-nenavisti.html,* маалымат 2019-жылдын 17-ноябрында алынды.

17 Ксенофобские настроения в России растут второй год подряд,18/09/2019 *https://www.levada.ru/2019/09/18/ksenofobskie-nastroeniya-v-rossii-rastut-vtoroj-god-podryad*, маалымат 2019-жылдын 14-ноябрында алынды.

18 Груз 200, 28/01/2019, *https://www.vb.kg/doc/376232_gryz_200:_za_god_v_rossii_tyrcii_i_drygih_stranah_ymerli_215_kyrgyzstancev.html,* маалымат 2019-жылдын 14-ноябрында алынды.



# «Жүк-200» азабы

*Максат Туларбекова*

Бүгүнкү күндө чет өлкөдө эмгек миграциясында жүргөн кыргызстандыктардын саны 800 000 түзөт.[1] Ал эми, расмий эмес маалыматтар боюнча, алардын саны 1 миллиондон ашуун.

Алардын басымдуу бөлүгү Орусия, Казакстан жана Түркия мамлекеттеринде эмгектенишет. Тышкы эмгек миграциясы Кыргызстандын калкынын жашоо-шартынын абалын колдоодо зор социалдык мааниге ээ.

Мекендештерибиздин арасында тышкы эмгек миграциясында жүрүп, чет өлкөлөрдө кайтыш болгондор да бар. Бул учурда кайтыш болгондордун сөөгүн улуттук жана диний салттар боюнча Кыргызстанга, андан соң кичи мекенине жеткирүү зарылчылыгы келип чыгат. Цинк табытына салынган маркумдун сөөгүн мекенине аба, жер жана темир жол транспортунун жардамы менен жеткирүү калк арасында «Жүк-200» деп аталат.

**1-диаграмма. Кыргызстандык мигранттардын саны. Чет өлкөдө эмгек миграциясында жүргөн кыргыз жарандарынын болжолдуу саны, адам**




© 2020 Бишкектеги ЕККУ Академиясы. Бардык укутар корголгон 

Өкүнүчтүүсү эмгек мигранттарынын арасында үй-бүлөдөгү жалгыз багар (единственный кормилец) болгондор аз эмес. Алар ай сайын иштеп тапкан акчасын үй-бүлөсүнө жөнөтүп турушат. Ушул категориядагы эмгек мигранттары кайтыш болгон учурда, абал өтө оор болот. Анткени, маркумдун ашыкча акчасы болбой, же үй-бүлөсү акча сала албай, сөөктү мекенине жеткизүү көп машакатты жаратат. Мындай учурда туугандарынын, жердештеринин, болбосо ошол жердеги кыргыз диаспорасынын өкүлдөрүнүн, кээ бир учурларда Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнүн жана консулдук мекемелердин өкүлдөрүнүн жардамы менен акча каражаты топтолуп, маркумдун сөөгү («Жүк-200») мекенине жөнөтүлөт.

Чет өлкөлөрдөн «Жүк-200дү» Кыргызстанга жеткирүүдө сарпталган чыгымдарды мамлекет тарабынан компенсациялоо тууралуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн бир канча токтому кабыл алынган. Бул аналитикалык макалада белгиленген токтомдорго талдоо жүргүзүлмөкчү.

2007-жылы «Кыргыз Республикасынын чет өлкөдө иштеп жүргөн мезгилинде кайтыш болгон жарандарынын сөөгүн мекенине жеткирүү менен байланышкан чыгымдарды компенсациялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому кабыл алынган[2].

Аталган токтомдо Кыргыз Республикасынын чет өлкөдө кайтыш болгон жаранынын сөөгүн аба, темир жол, суу жана кургак жер транспорту менен ташып жеткирүү үчүн чыгымдарды компенсациялоону документтер менен ырасталган учурда 100 пайыз төлөп берүү каралган.

Ошондой эле, 2011-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен «Кыргыз Республикасынын чет өлкөдө иштеп жүргөн мезгилинде кайтыш болгон жарандарынын сөөгүн мекенине жеткирүү менен байланышкан чыгымдарды компенсациялоонун өлчөмүн жана төлөнүшүн аныктоонун тартиби жөнүндө» нускама бекитилген. Аталган нускамага ылайык, Кыргыз Республикасынын чет өлкөдө иштеген мезгилинде кайтыш болгон жаранынын сөөгүн мекенине жеткирүү үчүн тикелей транспорттук чыгымдарды тарткан адам сөөктү мекенине жеткиргенден кийин компенсациялык төлөмдү алуу укугуна ээ болгон. Компенсациялык төлөмдөрдү алуу үчүн Кыргыз Республикасынын чет өлкөдө иштеген жараны кайтыш болгон күндөн баштап алты айдан кеч эмес мөөнөттө Ишке орноштуруу борборуна же Кыргыз Республикасынын Эмгек, миграция жана жаштар министрлигинин аймактык органдарына арыз берүүгө тийиш эле. Ошондой эле, акы төлөө фактысын тастыктоочу документ таризделсе, бир же бир нече адам чыгым тартуучу боло алган.Мында, чыгым тарткандар үчүн ыңгайсыз болуп, төмөндөгүлөр эсептелинген:

• талап кылынган тизмедеги тарткан чыгымдарды тастыктоочу документтердин көптүгү;

• маркумдун акыркы иштеген жеринен мөөр коюлуп ырасталган маалымкат, же чет өлкөдө иштеген фактысын ырастаган башка документтин талап кылынуусу;

• толук чыгымдар иш берүүчү, башка юридикалык же жеке жактар тарабынан төлөнсө жана чыгымдар Кыргыз Республикасы катышуучу болуп эсептелген эл аралык макулдашууларда аныкталган тартипте төлөнсө, Өкмөт тараптан компенсациялык төлөмдөрдүн төлөнүп берилбестиги.

Жогоруда белгиленген токтомдун негизинде компенсациялык төлөмдөрдүн берилиши тууралуу маалыматты төмөндө карайлы.

**1-таблица. 2017-жылга карата «Жүк-200» боюнча түшкөн арыздар.[3]**

| Аймактар | Комиссиянын кароосуна киргизилген документтердин саны | Кийинки комиссиянын кароосуна калтырылды | Оң чечим кабыл алынды | Терс чечим кабыл алынды |
|---|---|---|---|---|
| Ош облусу | 9 | - | 9 | - |
| Жалал-Абад облусу | 17 | 1 | 16 | - |
| Чүй облусу | 10 | 1 | 9 | - |
| Баткен облусу | 3 | - | 3 | - |
| Ысык-Көл облусу | 5 | 1 | 4 | - |





© 2020 Бишкектеги ЕККУ Академиясы. Бардык укутар корголгон

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Нарын облусу | - | - | - | - |
| Талас облусу | 1 | - | 1 | - |
| Бишкек шаары | 8 | - | 6 | 2 |
| Ош шаары | 3 | - | 3 | - |
| **Жалпысы:** | **56** | **3** | **51** | **2** |

2017-жылдын аралыгында кароого түшкөн 56 материалды жынысы жактан карап көрсөк

**2-таблица. Кайтыш болгондордун жынысы**

| **Жынысы** | **Саны** |
|---|---|
| Эркектер | 40 |
| Аялдар | 16 |
| **Жалпысы:** | **56** |

Жогоруда алынган 56 материал боюнча 3-таблицада жаш курагы тууралуу карасак.

**3-таблица. Кайтыш болгондордун жашы**

| **Жашы** | **Кайтыш болгондордун саны** |
|---|---|
| 22 жашка чейинкилер | 6 |
| 22-30 жаш | 11 |
| 31-40 жаш | 13 |
| 41 жаштан жогорулар | 26 |
| **Жалпысы:** | **56** |

Өлүмдүн себеби медициналык экспертиза кагазына ылайык классификацияланды. «Такталган эмес» деген бөлүкчөгө маркумдун өлүмү боюнча иликтөө иш-аракеттери аягына чейин изилденип бүтө элек же өлүмдүн себеби такталбай калган учурлар кирет.





**4-таблица. Кайтыш болгондордун өлүмүнүн себептери**

| **Өлүмдүн себеби** | **Кайтыш болгондордун саны** |
|---|---|
| Оору | 10 |
| Кырсык | 4 |
| Адам өлтүрүү | 3 |
| Жол кырсыгы | 3 |
| Өзүн-өзү өлтүрүү | 1 |
| Такталган эмес | 35 |
| **Жалпысы:** | **56** |

Жогорку таблица көрсөтүлгөн 56 эмгек мигранты Орусияда кайтыш болгон.

Ал эми, 2018-жылдын 16-майында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жаңы токтому менен «Кыргыз Республикасынын чет өлкөдө кайтыш болгон жарандарынын сөөгүн репатриациялоо боюнча чыгымдарга бир жолку төлөм берүүнүн тартиби жөнүндө» нускама кабыл алынган (нускаманын аталышында «репатриация» деген юридикалык термин колдонулган, бул учурда термин «сөөктү жарандыгы болгон, туруктуу жашаган же келип чыккан (теги) мамлекетине кайтаруу» деген түшүнүктү берет).

2011-жылы кабыл алынган нускамадан айырмаланып, төмөндөгүлөр эсептелинет:

- маркумдун эмгек мигрант болуусу талап эмес;
- бир жолку төлөмдүн өлчөмү 500 минималдуу эсеп көрсөткүчү өлчөмүндө белгиленген (50 миң сом);
- маркумдун акыркы иштеген жеринен мөөр коюлуп ырасталган маалымкат, же чет өлкөдө иштеген фактысын ырастаган башка документтин талап кылынбоосу;
- маркумдун сөөгү мекенине кайтарыла элек учурда дагы төлөмдүн алдына ала берилүүсү (жакын туугандары кайрылган учурда гана);

© 2020 Бишкектеги ЕККУ Академиясы. Бардык укутар корголгон 

• чыгымдар иш берүүчү, башка юридикалык же жеке жактар тарабынан төлөнгөндүгүнө карабастан, бир жолку төлөмдүн берилүүсү;

• кайрылуунун Бишкек жана Ош шаарларында эле кабыл алынуусу;

• акы төлөө фактысын ырастоочу документ тариздеген бир адам гана чыгым тартуучу боло алуусу.

Жогоруда белгиленген өзгөрүүлөрдөн кийинки абалды 2018-жылдын мисалында төмөндөгү таблицалардан карап көрөлү.

**5-таблица. 2018-жылга карата «Жүк-200» боюнча түшкөн арыздар**

| Аймактар | Комиссиянын кароосуна киргизилген документтердин саны | Кийинки комиссиянын кароосуна калтырылды | Оң чечим кабыл алынды | Терс чечим кабыл алынды |
|---|---|---|---|---|
| Ош облусу | 47 | - | 45 | 2 |
| Жалал-Абад облусу | 46 | 1 | 44 | 1 |
| Чүй облусу | 22 | - | 21 | 1 |
| Баткен облусу | 18 | - | 18 | - |
| Ысык-Көл облусу | 24 | - | 24 | - |
| Нарын облусу | 7 | - | 7 | - |
| Талас облусу | 6 | - | 6 | - |
| Бишкек шаары | 18 | - | 17 | 1 |
| Ош шаары | 10 | - | 10 | - |
| **Жалпысы:** | **198** | **1** | **192** | **5** |





198 маркумдун 154ү эркек калган 44ү аял кишилер болгон. Ал эми, жашы жана өлүмдүн себеби тууралуу 6-7-таблицалардан көрө алабыз.

**6-таблица. Кайтыш болгондордун жашы**

| Жашы | Кайтыш болгондордун саны |
|---|---|
| 22 жашка чейинкилер | 28 |
| 22-30 жаш | 54 |
| 31-40 жаш | 41 |
